# Кыргыз тили

*Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын газетасы*

| №07 (293) | 28.07.2023. | e-mail: kyrgyztili@mail.ru


*Баш сөз*

## “Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тили жөнүндө” Конституциялык Мыйзамга кол коюлду

*Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров “Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тили жөнүндө” (17-июль 2023-жылы № 140) Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамына кол койду.*



Мыйзам 2023-жылдын 31-майында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган.

«Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тили жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамы Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 13-беренесин иш жүзүнө ашыруу максатында иштелип чыккан, ага ылайык кыргыз тили Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили болуп саналат жана мамлекеттик тилди колдонуу тартиби конституциялык мыйзам менен аныкталат.

Ушул Конституциялык Мыйзам Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тилин колдонуунун жана мамлекеттик тил саясатын жүзөгө ашыруунун укуктук негиздерин, аны өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүүдө мамлекеттик органдардын, мекемелердин, уюмдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын милдеттерин белгилейт, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тилин колдонууда жарандардын укуктарын камсыз кылат.

**Конституциялык Мыйзамдын жаңылыктары болуп төмөнкүлөр саналат:**

**1)** 3-березенин 2-бөлүгү менен мамлекеттик тил жөнүндө мыйзамдар Кыргыз Республикасынын жарандарына, Кыргыз Республикасында туруктуу жашаган чет өлкөлүк жарандарга жана жарандыгы жок адамдарга жайылтылат деп аныкталган;

**2)** 4-беренеде мамлекеттик тилди милдеттүү пайдалануу чөйрөлөрү аныкталган, тактап айтканда мамлекеттик тил милдеттүү түрдө колдонулууга тийиш экендиги катары төмөнкү чөйрөлөр белгиленген:

– мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, менчиктин бардык формаларындагы ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын ишинде;

– шайлоолорду жана референдумдарды даярдоо жана өткөрүү процессинде;

– Кыргыз Республикасынын сот өндүрүшүндө, Куралдуу Күчтөрүндө, укук коргоо органдарында;

– Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган эл аралык келишимдерди түзүүдө;

– ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгууда, иш кагаздарын жүргүзүүдө жана документ жүгүртүүдө;

– мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, менчиктин бардык формаларындагы мекемелердин жана уюмдардын аталыштарында;

– географиялык аталыштарда жана топонимика объекттеринин аталыштарында, адам аттарында;

– товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө маалыматтарда;

– нотариалдык конторалардын ишинде, Кыргыз Республикасынын жаранынын инсандыгын ырастоочу документтерди жол-жоболоштурууда, жарандык абалдын актыларын мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүктөрдүн бланктарын даярдоодо, билими жөнүндө жана (же) квалификациясы тууралуу документтерди жана мамлекеттик үлгүдөгү башка бланктарды жол-жоболоштурууда;

– билим берүү, илим, маданият чөйрөлөрүндө, телекөрсөтүү жана радиоуктуруу программаларында, жалпыга маалымдоо каражаттарында, китеп басып чыгарууда, компьютердик программалардын жана веб-сайттардын пайдалануучулар интерфейстеринде, эл алдындагы иш-чараларда, жарнама, транспортто, керектөөчүлөрдү тейлөө чөйрөсүндө;

– Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган башка чөйрөлөрдө.

**3)** 11-беренеде (Мамлекеттик жана мамлекеттик эмес уюмдардын аталыштары) биргелешкен, чет өлкөлүк уюмдардын аталыштары мамлекеттик тилде транслитерациялоо менен жазылат. Кыргыз тилинин жазуу тамгаларынын транслитерациясын колдонуу эрежелери мамлекеттик тил саясаты боюнча ыйгарым укуктуу орган тарабынан бекитилет деп аныкталган;

**4)** 20-беренe менен телерадио уюмдары үчүн мамлекеттик тилде берүүнүн милдеттүү (минималдуу) көлөмү 60 пайыздан кем болбошу керек жана көрсөтүү тартиби «Телекөрсөтүү жана радиоуктуруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен белгиленет. Менчигинин формасына карабастан телерадиокомпаниялар өз берүүлөрүнүн 60 пайызынан кем эмесин мамлекеттик тилде алып барышат деп аныкталган (21-березе 2-бөлүк).

**5)** мамлекет китеп басып чыгаруу жана китеп жайылтуу чөйрөсүндөгү мамлекеттик тил анын ичинде көрүү мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн жеткиликтүү форматта (аудио форматта же Брайл шрифти менен) мамлекеттик тилге которууга жана басып чыгарууга көмөк көрсөтөт (23-березе);

**6)** 32-березе менен мамлекеттик тилди билүүгө жана аны кызматтык милдеттерин аткарууда пайдаланууга милдеттүү адамдардын тизмеси аныкталган.

**Буларга төмөнкүлөр кирет:**

– Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарынын реестринде белгиленген тизмедеги мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылар;

– Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттары, жергиликтүү кеңештердин депутаттары;

– Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын кызматчылары;

– ички иштер жана башка укук коргоо органдарынын офицердик жана жетектөөчү (орто жана жогорку) курамындагы адамдар, башка органдардын атайын наамдар ыйгарылуучу кызмат адамдары;

– ички иштер органдарынын жана башка укук коргоо органдарынын атайын наамдар ыйгарылуучу катардагы, сержанттык жана старшиналык курамындагы адамдар;

– соттор;

– прокурорлор;

– адвокаттар;

– нотариустар;

– бардык менчик формаларындагы окуу жайларынын жетекчилери, кызматкерлери;

– билим берүү мекемелерине жана же илимий мекемелерге чакырылган жана илимий, педагогикалык, илимий-педагогикалык кызматкерлер же чет тил окутуучулары катары убактылуу негизде иштеп жаткан чет өлкөлүк жарандардан же жарандыгы жок адамдардан тышкары, педагогикалык, илимий-педагогикалык жана илимий кызматкерлер;

– мамлекеттик жана муниципалдык саламаттык сактоо мекемелеринин медициналык кызматкерлери;

– Кыргыз Республикасынын жарандары болуп саналбаган адамдардан тышкары мамлекеттик жана муниципалдык менчик формасындагы ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын кызмат адамдары жана кызматкерлери.

Мындан тышкары, кабыл алынган конституциялык Мыйзамдын 2-беренеси менен Кыргыз Республикасында расмий тил катары орус тили пайдаланылаары аныкталган. Расмий тилди пайдалануу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте жүзөгө ашырылат. Кыргыз Республикасы өзүнүн аймагында жашаган бардык этностордун өкүлдөрүнүн тилдерин эркин пайдалануу принцибин карманат жана бул тилдерди өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүүгө кепилдик берет. Кыргыз Республикасынын ар бир жараны эне тилин сактоо, окуп-үйрөнүү жана өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүүгө укуктуу.

# Маалымат жыйын

*«Кабар» Кыргыз улуттук маалымат агенттигинде «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамынын кабыл алынышы боюнча маалымат жыйыны болуп өттү.*









Жыйынга КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын төрагасы, профессор Каныбек Осмоналиев, Кыргыз Эл акыны, «Байчечекей» балдар журналынын башкы редактору Самудинов Токтосун, «Кыргыз тили» газетасынын башкы редактору Керимов Дүйшөн жана «Ала-Тоо 24», «Мир» «Говори ТВ» «Достук» медиа жана башка телеканалдардын өкүлдөрү, журналисттер катышты.

Алгач Улуттук комиссиянын төрагасы Каныбек Осмоналиев конституциялык мыйзамдын кабыл алынышы, анын мааниси, өзгөчөлүгү тууралуу маалымат берип, коомдо кызуу талкуу жаратып жаткан Мыйзамдын 3,4, 11, 20, 32-беренелерине кеңири токтолду. Өз сөзүндө төрага айрым бир жарандардын мамлекеттик тил менен расмий тилдин ортосунда каршылык жаратуу аракеттерин токтотууга, аны саясий маселеге айландырбастан, журналисттерден маалыматты коомчулукка так түшүндүрүп, жеткирүүгө чакырып, мамлекеттик тил менен катар эле Кыргыз Республикасында расмий тил катарында орус тилинин статусу Конституцияда белгиленгендигин, мындан сырткары аталган мыйзамга да киргизилгендигин, башка мамлекеттерге салыштырмалуу Кыргызстанда расмий тилге карата өтө толеранттуу мамиле жасалып жаткандыгын баса белгиледи.

Журналист Дүйшөн Керимов, Кыргыз Эл акыны Токтосун Самудинов агайлар аталган мыйзамдын маанилүү кадам экендигине, тилди сактоо, өнүктүрүү маселелерине токтолушуп, кыргыз тилинин диалектикалык өзгөчөлүктөрүнүн изилденбей калгандыгы, тилди коргоо, балдар адабиятын, илимий-популярдуу, тармактык журналдардын чыкпай жаткандыгы, илимий изилдөөлөрдү, экспедицияларды уюштуруу, тилдин бузулуп бараткандыгы, анын келечекте кандай кесепеттерге алып келиши туурасында кеңири сөз кылышты.

Жыйындын жүрүшүндө журналисттердин кызыктырган суроолоруна жооптор берилди.

# Мамлекеттик тил мыйзамынын сакталышына көзөмөл күчөтүлөт

*Ош шаарынын мэриясында Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик тил жөнүндө» мыйзамынын талаптарын аткаруу, Ош шаардык прокуратурасынын сунуштамасын талкуулоо, жеке менчик мекемелердин, уюмдардын аталыштарын, көрнөк-жарнактардын жана кулактандыруулардын мыйзамдык ченемдерин иретке келтирүү боюнча жыйын өттү.*





Жыйын Ош шаарынын мэринин орун басары Нурбек Кадыровдун жетекчилиги астында өтүп, ага Ош шаарынын мэриясынын аппаратынын кызматкерлери, Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгынын адистери, тиешелүү мекеме-ишканалардын өкүлдөрү, муниципалдык аймактык башкармалыктардын жетекчилери катышты.

Жыйындын жүрүшүндө мамлекеттик тил жаатындагы мыйзамдык ченемдерин сактоо аркылуу, тез арада мыйзам бузууларды жоюу жана чечтетүү, бул багытта аткарылган иштердин натыйжалуулугун жогорулатуу зарылчылыгы белгиленди.

Ошондой эле, жыйындын күн тартибине кирген бир катар маселелер талкууланып, сын-пикирлер айтылып, соңунда шаар бийлиги тарабынан төмөнкү аткаруу талаптары коюлду:

– Ош шаарынын көчөлөрүндө жайгаштырылган жарнактарды, кулактандырууларды жана башка маалыматтарды Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик тил жөнүндө» мыйзамынын ченемдерине ылайык келтирүү боюнча биргелешкен тартипте иштерди күчөтүү;

– Жоопттуу кызматкерлерге тартиптик жаза чараларын колдонууга чейин муниципалдык аймактык башкармалыктардын адистеринин иш-чараларга катышкан бардык кызматтар менен жеринде өз ара аракеттенүүсүн күчөтүү.

# Ала-Бука, Чаткал районДорунда болгон иш сапар

*Үстүбүздөгү жылдын 17-21-июль күндөрү Кыргыз Республикасынын президентине караштуу мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын төрагасы К. Осмоналиевдин, «Кыргыз тили» гезитинин башкы редактору Д. Керимовдун Жалал-Абад облусунун Ала-Бука, Чаткал райондоруна иш сапары болуп өттү. Анын алкагында Ала-Бука райондук мамлекеттик администрациясынын орун басарлары М. Тотонов, А. Жунусалиева, Чаткал райондук мамлекеттик администрация башчысынын орун басары К. Мырзатаев, райондук мекеме-ишканалардын жетекчилери, айыл өкмөт башчылары, жоопттуу катчылар, билим берүү мекемелердин кызматкерлери менен биргеликте Ала-Бука, Чаткал райондорунда «Ала-Бука, Чаткал райондорунда мамлекеттик тилдин абалы» деген аталыштагы жыйындар өткөрүлдү.*

Жыйында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги «Мамлекеттик органдарда мамлекеттик тилдин колдонулушу жана абалы жөнүндө» №15 протоколдук тапшырмасын аткаруу максатында Ала-Бука, Чаткал райондук мекеме-ишканалардын иш кагаздарынын мамлекеттик тилде жүргүзүлүшү жана «Инфодокс» системасындагы абалы боюнча аналитикалык талдоо жүргүзүүнүн жыйынтыгы тууралуу улуттук комиссиянын төрагасы К. Осмоналиев, «Кыргыз тили» гезитинин редактору Д. Керимов, акимдин орун басарлары М. Тотонов, К. Мырзатаев тарабынан баяндамалар жасалды. Баяндамаларда аталган райондордогу мекемелерде иш кагаздардын мамлекеттик тилде жүргүзүү пайызы 95тен ашык экендиги белгиленди, бирок ошол эле учурда иш кагаздарынын сапатына, сабаттуулугуна көбүрөөк басым жасоо керектиги айтылды. Катышуучулар тарабынан көйгөйлүү суроолор берилип, талкуу жандуу өттү. Жыйындын соңунда сунуштар айтылып, кайрылуу кабыл алынды, иш-чара өз максатына жетти.

Иш сапардын экинчи бөлүгүндө бир катар райондук мекеме-ишканалардын, айыл өкмөттөрдүн: Ала-Бука райондук билим берүү бөлүмүнүн, Ала-Бука салык кызматынын, Ала-Бука, Чаткал социалдык фонд башкармалыктарынын, Ала-Бука финансы бөлүмүнүн, Ала-Бука айыл өкмөтүнүн, Ак-Коргон айыл өкмөтүнүн иш кагаздарынын абалы жеринде каралып, бир катар сунуштар берилди.

# БАЯГЫСЫ БАЯГЫ, БИШКЕК МЭРИЯСЫ!










Күнү кечээ газетабыз чыгаар алдында, тээ ала жазда мамлекеттик тил боюнча КР Мамлекеттик катчысы С.Касмамбетовдун катышуусунда өткөрүлгөн чоң жыйында Бишкек мэри Эмил Абдыкадыров, "Мамлекеттик тил комиссиясынын бизге койгон сын, доомат, кеңеш, сунуштарын жакынкы аралыкта аткарабыз. Аткарбаган аким, мекеме, ишкана жетекчилери иштен кетет, "Кыргыз тили" газетасына бардыгы жазылат, жардам беребиз!" деп, чечкиндүү түрдө убада бергенине кубанганыбызды эстеп, мэриянын босогосун аттадык. Ал эми береги сүрөттөр мэрия имаратынын оро-парасынан гана тартып алынган азыркы көрүнүштөн көз ирмемдер. Газетага болсо калдайган борбор калаа бонча 76 нускага араң жазылуу жүргөн. Буга салыштырмалуу бир Кара-Суу районунда жазылуу 750 нуска!

Демек, борбор калаа мэриясынын баягысы баягы, Э.Абдыкадыровдун убадасы кур убара же тил маселеси боюнча кызматтан алынган эч ким деле жок...

Сөздүн кыскасы, ушуларды өз оозунан, жок дегенде орун басарларынан угалы десек баягы эле эле түгөнбөгөн жыйналыш өтүп жатат дешти. Түгөнбөгөн жыйналыштар, сөздөр, убадалар... А береги көчөлөрдө баягы көрүнүш: арылбаган таштандылар, эл тыгылышкан эски "таракан" маршруткалар, чала сабат же чет тилдеринде чалды-куйду жазылган көрнөк, жарыя, даректер. Баягысы баягы!...

**«Кыргыз тили» газетасы**










# Көрнөк, жарыя... көйгөйлөрү

Бишкек шаарында жана Чүй, Ысык-Көл облустарындагы жарнамалар, кулактандыруулар, маалымат көрнөктөрү Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тили жөнүндө мыйзамынын талаптарына 90 пайыз ылайык келбейт. Бул боюнча жергиликтүү бийликке, министрликтерге байма-бай эскертүү каттарды жазып келебиз. Жумасына ар дайым мыйзам талабына жооп бербеген ондогон объектилерди сүрөткө тартып, интернетке "Тилин жоготкон эл – келечегин жоготот. Өз үйүндө өгөйлөнгөн кыргыз тили. Өз тилине ээ болбой калган улуттун – укум тукумуна доо кетет. Башкы байлык – эне тил" деген темада тынбай жарыялоо адатка айланган.




2023-жылдын июнь айында Кыргыз Республикасынын Билим жана илим министрлигин, Кыргыз Республикасынын Башкы Прокуратурасына менчиктин бардык формаларындагы бала бакча, мектеп, лицей, колледж, орто жана жогорку окуу жайлардагы маалыматтар, көрнөктөр, кулактандыруулар мыйзам талаптарын толук аткарбай, коомчулукка үлгү болгондун ордуна тетирисинче бузуп, биздин байма-бай берип келген эскертүүбүздү этибарга албай, аталып жаткан мыйзам талаптарын аткарбай жатканы боюнча чара көрүлсүн деген, кайрылуу кат жазганбыз. Кыргыз Республикасынын Башкы Прокуратурасына кайрылуубуздан кийин Кыргыз Республикасынын Улуттук университеттинин Жибек Жолунда жайгашкан имаратындагы латын арибинде жазылган көрнөк алып салынды (сүрөт тиркелди). Улуттук комиссиясына мыйзам талаптарын бузгандарга айып пул же башка тартипке чакыра турган укук каралган эмес. Болгону эскертүү каттарды жазып уяткарып келгенбиз. Аталган мыйзам талаптарын толук аткарбаган Кыргыз Республикасынын Президентинин Чүй облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгүнө, Прокуратурасына, Ысык-Көл облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгүнө, Ысык-Көл облусунун Прокуратурасына эскертүү берүүгө аргасыз болдук.

Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров "Мамлекеттик тили жөнүндө" (17-июль 2023-жыл № 140) Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамына кол койду. Кагаз бетиндеги мыйзамдар, жарыялар, буйруктар иш жүзүнө ашса, эми ашырууга ишенимдүү үмүт, шарт, жоопкерчилик пайда болду жана жаңы кадамдар башталды...

**Бактыбек АЙТИЕВ,**
**мам.комиссиянын адиси**

№07
(293)
28
07
2023
kyrgyztili@mail.ru

# КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕГИ ДИАЛЕКТИЛЕРДИН ЛИНГВОМАДАНИЙ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

**Гүлшан САДЫРАЛИЕВА**
**филология илимдеринин кандидаты К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университети**

Азыркы тил илиминде тигил же бул улуттун маданий кодун элдин сүйлөгөн тили чагылдырып турары ар тараптан изилденип жатат. Ошону менен бирге адабий тил менен катар эле диалектилер да элдин маданиятын кеңири чагылдыра алат.

Диалект – белгилүү бир мейкиндикти руханий мекенге айландырган жергиликтүү элдин тилдик өзгөчөлүгү. Диалектилер, көпчүлүк учурда, белгилүү бир аймактын өкүлдөрүнө гана түздөн-түз түшүнүктүү болуп, диалектилик лексиканы колдонгон элдер үчүн коммуникация каражаты, өз ара пикир алышуу жана ички ой-туюмун билдирүү ыкмасы гана болбостон, инсандыгын аныктоочу да белги болуп саналат.

Белгилүү болгондой, адамдын сүйлөгөн кеби аркылуу кайсы аймактан келгени, кайсы диалектинин же говордун өкүлү экендиги анык болот. Тагыраак айтканда, сүйлөп жаткан адамдын тилдик өзгөчөлүктөрүнүн (фонетикалык, грамматикалык, лексикалык ) негизинде белгилүү бир тилдик коомго тиешелүү экенин аныктаса болот.

Тил илиминде диалектилик лексиканы лингвомаданият таануу аспектисинде талдоого алуу азырынча кеңири колго алына элек. Аталган маселе боюнча саналуу гана илимий макалалар бар. Алсак, Е.Н.Блохинанын «Диалектная лексика как средство отражения культуры региона: на материале среднебаварского диалекта Верхней Баварии» (2017), Е. В. Брысина орус тилинин диалектилери боюнча «Диалект через призму лингвокультурологии» (2012), Ф. Т. Мусаеванын өзбек диалектилери боюнча «Диалектная лексика как объект изучения лингвокультурологии» (2019), Г. А. Баеванын «Южнонемецкие диалекты как лингвокультурный феномен» (2022) сыяктуу макалалары лингвомаданият таануу илиминде диалектилик лексиканын аткарган кызматы изилдөөгө алынган.

Бул макалада кыргыз тилиндеги диалектилердин лингвомаданий өзгөчөлүктөрү белгилөөдө, негизинен, түштүк жана түндүк диалектилери жана говорлоруна таандык лексика талдоого алынат.

Лингвомаданияттык өңүттөн алып караганда диалект аймактык тилдик бирдик катары маданияттык билимдердин аккумуляциясын түзөт. Анткени тил татаал белгилик система катары маалымат берүү, билимдерди сактоо, колдонуу каражаты болуп саналат. Ошондуктан лингвомаданияттык изилдөөнүн өзөгүндө «тил-улут-маданият» турат.

Жергиликтүү элдин баалоо жана көрүү ыкмалары диалектилик айтымдарында чагылдырылып, туруктуу сөз айкаштарына жана макал-лакаптарына чейин камтылганын байкоого болот.

Диалектилик лексиканы колдонгон элдин курчап турган чындык жөнүндөгү ой-туюму лексикалык жана фразеологиялык каражаттардын жардамы менен концептуалдык түшүнүктөр аркылуу чагылдырылат. Алсак, кыргыз тилиндеги диалектилерине жана анын говорлоруна таандык лексикалык системасы бар. Мисалы, түштүк диалектисине таандык сөздөр: катык - айран, паша - чиркей; айван - бастырма, нааматы — музыкант; асип - быжы (тамак); талаа тоок - кыргоол; төштүк- боркок; жөө желим – сөөлжан ж.б.

Түштүк кыргыздарында дыйканчылык, багбанчылык өнүккөндүктөн алардын тилинде аталган чөйрөгө байланыштуу аталыштар да арбын кездешет. Мисалы: катек (пахтанын катары), картэ (пахтанын аянты), гозо, кади (ашкабак), карем (капуста), шалы (күрүч) ж.б.



Араб, иран тилдерине таандык сөздөр түндүк диалектисине караганда түштүк диалектисинде басымдуулук кылат. Мындай көрүнүш түштүк аймактын өзбек, тажик, уйгур элдери менен экономикалык, соода-сатык жана маданий тыгыз байланышы менен шартталат. Ошентип, диалектилик лексиканы лингвомаданият таануу илиминин объектиси катары кароого болот.

Лингвомаданият таануу илими жана тилдик процессте материалдык жана рухани маданиятты чагылдырган улуттук тилди изилдеп, тил аркылуу маданиятты сактоо жана чагылдыруу ыкмаларын иликтөөгө алат. Ал эми диалектилерди лингвомаданияттык аспектиде изилдөөдө маданиятын тилдик функциясын аткарган жана элдин маданий-улуттук менталдуулугун чагылдырган бардык тилдик белгилер (диалектинин паремиологиялык фондусу, фразеологизмдер, метафора, кептик жүрүм-турумдары ж.б.) негизги орунда турат. Мисалы, төмөнкү диалектилик фразеологизмдерде кыргыз элине таандык маданий компонент бар: болуп койду — кызды кудалашып койду, келте тил — тили кыска, медеге тийүү — ачуусуна тийүү, пул салбады — макул болбоду, бир кайнамы ичинде — бир аз кемчилиги, жетишпегени бар, мойнун көтөрүп калыптыр — бой көтөрүп калыптыр, ат арабасы жок — баш аягы жок, кемпир шабдаалы жегиче (өтө тез), ылдый баш (жоош, момун, чечкиндүү эмес), ичи-койну ачык (ачык-айрым мүнөздүү адам) ж.б.

Мындай диалектилик фразеологизмдерге лингвомаданий анализ жасоо аркылуу алардын маданий коннотациянын элементтерин гана аныктоого мүмкүн болбостон, диалектилик лексиканы колдонгон элдин дүйнө тууралуу тилдик сүрөтүндөгү белгилүү фрагментинин маданий-тарыхый интерпретациясын көрүүгө болот.

Аймактарга тиешелүү диалект системасын жергиликтүү элдин маданиятынын коду катары изилдөө менен лингво маданият таануу илиминин маданий фон, концепт, маданий мурастар жана салттар, маданий мейкиндик, лингвомаданий парадигма, менталдуулук, менталитет, маданий коннотация сыяктуу негизги түшүнүктөрү аныкталат.



Диалект тилдик аймактык бирдик гана эмес, этнографиялык бирдик да болуп саналат. Белгилүү бир социалдык топтун дүйнөгө көз карашы анын маданияты менен шартталат. Курчап турган дүйнөдөгү кубулуштары ар кандай топтогу элдер ар түрдүүчө кабыл алары белгилүү. Алсак, кыргыз тилинин тамак-ашка байланыштуу диалектилеринде нан аталыштарында бир топ айырмачылыктар бар. Мисалы: бытыра, той боорсок, токоч, көмөч нан, калама, таптама, гөш нан, момо, жыңжомо, көмкөрмө, жапкан нан, көңтөрмө, гайвизек, кызыл нан ж.б.

Адабий тилде жана диалектиде сүйлөгөн элдер өздөрүн курчап турган дүйнө жөнүндөгү ойлорун тилде ар кандай жолдор менен туюндура алышат. Бир жагынан, адабий тилде тигил же бул аймактын жашоочуларынын кебиндеги күнүмдүк тиричиликтин айрым деталдарынын, тиричилик буюмдарынын жана идиш-аяктарынын, улуттук кийимдердин, жүрүм-турумдун айрым элементтеринин, жүрүм-турумунун, ырым-жырым аталыштары кеңири каралбайт.

Экинчи жагынан, дал ушул маданияттын жеке фактылары элдин турмушу жөнүндө уникалдуу маалыматтарды камтып, диалектилик тилде сүйлөгөн элдин аң-сезиминде жашап, алардын жүрүм-турумуна белгилүү бир түрдө таасир этет. Ошону менен бирге адамдардын карым-катышын мүнөздөп, дүйнөгө болгон жалпы көз карашынын өзгөчөлүгүн белгилеп турат. Мисалы, кыргыз тилинин ичкилик диалектисинде



кызыл казан деген түшүнүк бар. Мааниси: жумуш жасап жаткандарга иш үстүндө тамак-аш бышырып берүү. Мындай түшүнүк жана аталыш адабий тилде жана башка диалектилерде кезикпейт.

Убакыт өткөн сайын айрым сөздөрдүн семантикалык мааниси өзгөрүп турат. Мындай өзгөрүштөр көбүнчө башка тилдердин таасири менен кээ бир сөздөр унутулуп, алардын семантикасы башка бир сөздөргө өтүүсүнүн натыйжасында болот. Мисалы, түштүк диалектилеринде өзбек диалектилеринин таасири менен кээ бир сөздөр семантикалык жактан өзгөрүүлөргө учураган. Мисалы: тон (чапан) – постун, тукум (урук, үрөн)- тукум (жумуртка маанисинде) ж.б.

Кыргыз диалектилеринде кээ бир түшүнүктөр карама-каршы маанидеги сөздөр менен аталганын байкоого болот. Мисалы: узакка созулган жаан адабий тилде ак жаан деп аталса, ичкилик диалектисинде кара жамгыр деп аташат. Мындай карама-каршы маанидеги аталыштардын болушу, жогоруда белгиленгендей, элдин дүйнө таанымы, жашоо-турмушу, билиминин натыйжасында келип чыккан болуу керек.

Ошону менен бирге кыргыз диалектилеринде омонимдик маанидеги сөздөрдү кезиктирүүгө болот. Алсак, Талас говорунда шалдама – күлчөтай менен тууралган эт, пияз, бир аз шорпо аралыштырылган тамак. Ал эми ичкилик диалектисинде шалдама- бозонун тобунан сарыккан суюн аталышы. Адабий тилде мындай сөз жок. Ава\ ava – 1. улуу эркек бир тууганы (Ысык-Көл); 2. атасынын бир тууганы (түштүк диалектисинде);

Диалектинин улуттук-маданий семантикасы экономиканын, географиянын, коомдук түзүлүштүн, элдик оозеки чыгармачылыктын, адабияттын, искусствонун, илимдин бардык түрлөрүнө, турмуш-тиричиликтин, каада-салттын өзгөчөлүктөрүн камтып турат. Бул маалыматтар элдин материалдык жана рухий маданиятынын элементтерин, менталите-

№07 (293)
28 07 2023
kyrgyztili@mail.ru

тинин, этностук аң-сезиминин өзгөчөлүктөрүн чагылдырат. Натыйжада, алар лингвистикалык образдарда ишке ашып, диалектилерде сүйлөгөн элдердин дүйнө тууралуу тилдик сүрөтүнүн этномаданий өзгөчөлүгүн аныктайт. Мисалы, нанүштө – эртең менен эркектер чогулуп келип чай ичүү салты; тайлуу бээ – бир чоң, бир кичине аякка кымыз куюп, аны тындырбай ичүү салты ж.б. Бул салттар ичкилик диалектисинин өкүлдөрүнө мүнөздүү.

Дүйнө таануу ыкмаларынын эң кеңири таралган ыкмаларынын бири кептеги бир түшүнүккө, көрүнүшкө тиешелүү болгон белгини башка бир түшүнүккө таандык кылып образдуу берүү ыкмасы – метафора болуп саналат. Метафора адам дүйнөнү таанып-билген призманын милдетин аткарат жана метафоралык түшүнүктөр улуттук өзгөчөлүктөгү образдар аркылуу тилдин фразеологиялык фондусунда, мифологемада, архетиптерде ж.б. берилет. Ал эми диалектилик метафоралар элдин курчап турган дүйнөнү тилдик коомдо кабыл алынган моделдер аркылуу кабыл алат. Дүйнө элдеринин тилдериндеги метафоралардын көпчүлүгү элдин жашоосу, турмуш-тиричилиги менен түздөн-түз байланышат. Алсак, көпчүлүк түрк элдери байыркы мезгилдерден бери мал чарбачылыгы менен алектенгендиктен лексикалык курамында мал, жаныбар аталыштары арбын учурайт. Ошону менен бирге туунду номинациядан пайда болгон метафоралык түшүнүктөр басымдуулук кылат.

Кыргыз тилинин диалектилеринде да метафора кеңири учурап, аймактарда жашаган элдин дүйнө таанымын, турмуш-тиричиликтеги айырмачылыктарды көрсөтүп турат. Мисалы: көзү күйүү, кызматы жетүү - көзү өтүү, колу бышык (сараң, битир), көз оорудай болуп чыга калды - капыстан, башына камчы бүктөдү – коркутту, үркүттү, башы казак болду – башы маң болду, алайга түшүү – турмушка чыгуу, келте тил –тили кыска ж.б.

Лингвомаданият таануу илиминде фразео-паремиологиялык материалдар эң көрүнүктүү жана маданий жактан сыйымдуулукка ээ болуп саналат. Диалектик паремиялардын жана фразалардын образдуу негиздери өзүнүн ачыктыгы, татаалдыгы менен айырмаланып турат. Мисалы: кыргыз тилинин түштүк диалектисине мүнөздүү болгон бөрүнүн көзүн жеген (уйкусуз), жаагына бычак кайрыгыдай (өтө арык), кулагына окуп кой (жеткире түшүндүр), шамыйан кайрыба (каяша айтпа), пул салбады (макул болбоду), илеби жибибейт ( эч нерсеге жарабайт), түп сүрүү (эл башкаруу), акыл эстүү (мээси бүтүн) деген сыяктуу туруктуу сөз айкаштары бар.

Жыйынтыктап айтканда, диалектилерди лингвомаданият таануу аспектисинде изилдөө аркылуу тилдин өнүгүү мыйзамдарын, диалектилердин тарыхый мыйзам ченемдүүлүктөрүн терең таанууга мүмкүнчүлүк берет.



# Биздин замандын кишилери

## *же Топчугүл Шайдуллаеванын прозадагы лирикасы*



**Осмонакун ИБРАИМОВ,**
**Кыргыз Улуттук илимдер академиясынын академиги, профессор, адабиятчы**



Кыргыз адабиятында илгертен келаткан, баарыбыздын акыл–сезимибизге бекем орноп калган бир туюнтма же формула бар. Ал – «Биздин замандын кишилери» деген туюнтма. Ооба, бул туюнтма Т. Сыдыкбековдун атактуу чыгармасынын, классика катары таанылган романынын бештен белгилүү наамы. Бул наамды кат-сабаттуу ар бир кыргыз билет десек аша чаппасак керек. Ырас, бул туюнтма согуш убагындагы, өткөн кылымдын 40-50-жылдарындагы элет калкынын типтүү өкүлдөрүнүн көркөм элестери болчу.

Эми Т. Сыдыкбеков өткөн кылымдын ортосундагы кыргыздардын адабий элестерин жаратты эле деңизчи, анда эч бир талаш жок. А бирок азыркы кыргыздардын, биздин замандын, азыркы интернет менен толгон-токой гаджеттердин доорундагы улутташтарыбыздын, айрыкча айыл-апада жашаган карапайым замандаштарыбыздын көркөм бейнеси кандай? Азыркы калем ээлери буга маани береби, кызыгабы? деген сөзсүз суроо туулбай койбойт. Маселен, мага, бери жагы 40 жылдан бери шаарда жашаган кыргыз интеллигенти үчүн, адабиятчы үчүн бул суроо бекерчиликтен берилген курулай риторика эмес. Бул чыны менен эле актуалдуу суроо. Алды менен жазуучуларыбызга, калем ээлерине бериле турган орчундуу суроо. Бул суроонун артында дагы канча маанилүү социалдык-саясий жана руханий маселелер жатканын, адабият деген нерсе өз милдетин, миссиясын аздыр-көптүр аткарып атабы деген чоң маселеге келип такалаарын айтпай эле коеюн.

Биринчиден, «адабият—турмуш күзгүсү» деген хрестоматиялык формула азыр деле маанисинен тая элек. Анткени бул формула тарых тастыктаган, турмуш далилдеген айныгыс чындык. Экинчи жагынан бул суроо биздин адабиятка, айрыкча учур адабиятына да адрестелип айтыла турган чоң суроо, кырынан коюла турган маанилүү маселе экенин жогоруда айттым. Ырасында эле, бул суроо учурдагы адабиятыбыз ага тагылган ошол орчундуу коомдук милдетти аздыр-көптүр өтөп атабы, андан азыркы замандын адамдарынын инсандык, моралдык-этикалык, социалдык, керек болсо идеялык-философиялык толгонууларын чагылдырууга чамасы жетүүдөбү деген суроо. Эгер андай болбосо азыркы адабиятыбыз ошол эле Т. Сыдыкбеков, Т. Касымбеков, Ч. Айтматов, К. Жусубалиев, М. Байжиев сыяктуу мастерлерден кийин демдери сууп, керек болсо чыгармачылык дендароолукка тушугуп, кризисте турабы дегендей ойго такашы толук мүмкүн.

Коомубузда кандай адамдар жашап атат, алардын жан дүйнөсү, адамдык, кишичилик дараметтери кандай? Алар эмне деген нарк-насилди, руханий асылдыктарды карманышат, деле азыркы кыргыздар биздин улутту улут кылып сактап, кыргыз деген наамыбызды жоготпой келген дөөлөттөрдү ойдогудай мурастай алдыкпы? Мен ушул суроолорго бир катар так жана даана жоопторду Топчугүл Шайдуллаеванын сиздердин колуңуздардагы китептен алдым десем болот. Китептеги көлөмдөрү чакан, бирок көркөмдүк салмактары абдан эле чулу аңгемелерде дал ошол биз менен катар, бир өлкөдө, бир системада жашап же бир казанда кайнап жаткан катардагы мекендештердин адабияттагы элестерин таптым десем туура болот го.

Дароо эле ток этээр сөздү айта кетейин: Т. Шайдуллаеванын бул китеби -- учур адабиятындагы жаңы сөз, керек болсо көркөм ачылыш десп бааласам эч бир аша чаппайм. К. Жусубалиев, Мурза Гапаровдон кийин өлкөбүздүн, айрыкча күнөстүү түштүк жергесинин адамдары (классика катары таанылган "Күнөстүү арал" повестин эстеңиз), алардын кулк-мүнөзү тууралуу жазылган чыгармалар өтө сейрек эле. Ал эми Топчугүлдүн жакшы көргөн жанры—аңгемемелерди – А. Саспаев менен Орозбек Айтымбетовдон кийин андан ары уланткан чыныгы чеберлер чынында да чукак болчу. Т. Шайдуллаева-прозаик ушул тараптан алып караганда жазуучу катары өтө зор иш, абдан керектүү жана кылдат иш жасаптыр. «Гилемчи», «Келин таш», «Кадакчы», «Намазшам гүл», «Орунча» сыяктуу аңгемелер кыргыз новеллистикасындагы бараандуу орунду ээлей турган, ары чебер, ары кызыктуу, ары стилдик жактан эч ким менен чаташтырбай турган, деле дүйнөлүк аңгемечиликтеги Чеховдон, андан соң Василий Шукшинден калган мыкты традицияларды уланткан жетик чыгармалар деп айтаар элем.

Баса, мен таланттуу актер, режиссер, жазуучу жана кайталангыс инсан Василий Шукшинди сөзгө алып, бекеринен эске алып жаткан жокмун. Анын учурунда орус новеллистикасынын жаңы кыйыры катары таанылган, «Деревенская проза» деп аталган адабий багыттагы ачылыш катары кабыл алынган «Сельские жители» деген аңгемелер жыйнагы азыркыга чейин нака адабий классика катары саналып келет. Топчугүл Шайдуллаеванын аңгемелер жыйнагында ошол элеттеги элдин эстен кеткис элестери, биздин замандын карапайым адамдарынын аябагандай берилүү менен, арзуу менен, түшүнүү менен тартылган көркөм бейнелери жатат.

Баса, «карапайым» десе эле биз кепичин жемире басып, жаман калпагын кыйшайта кийген, качан болсо чала кызуу адамдарды элестетебиз. Жок, бул көз караш--жаңылыш көз караш, натуура штамп. Биринчиден, ошол «чала кызуу» адамдарды кадимки Алыкул Осмонов алгачкылардан болуп ырга салып ("Маляр"), ошол эмгек менен оокат кылган, кара күчү, таза ниети менен өрнөк болгон жөнөкөй адамдарды даңазалап кеткен, алардан "бул дүйнөнүн үстүндөгү каймагын" көргөн. Ал эми улуу Айтматов адамзаттын эң мыкты өкүлдөрүн, альфа жана омегасын эгин оруп, кырман баскан, араба айдап, жылкы баккан койчу менен жылкычылардын арасынан тапканы бештен белгилүү. Толгонай менен Субанкул —орокчу, Танабай – жылкычы, Эдигей—темир жолчу ж.б.

Топчугүл адабиятта дал ошол чыныгы реалисттик жана терең гуманисттик жол менен чыгармачылык сапар улаганы кимди да болсо кубантпай койбойт.

Эми Топчугүлдүн татынакай калемгерлик стилистикасы, чыгармачылык индивидуалдуулугу тууралуу да эки ооз сөз айтпасам болбос. Мен билген жазуучулардын ичинен Т. Шайдуллаева Кубатбек Жусубалиевден кийинки эле жазуучулук стили даана, образдык тили абдан колориттүү калем ээси.

Турду аттуу айылдык чебер килемчинин жалаң өз өнөрүнүн арты менен өткөн байкалбаган өмүрүнө сереп сала келип, лирикалык каарман мындай деген философиялык санаага чөмүлөт:

"... Арадан жылдар өттү. Төр жайнаган "магазин" гилемдер кирдеп, бир жуугандан кийин түйдөктөлүп, түгү катып калдырап, жукарып, жылуулугу жоголду. Жеңил, жасалма жиптен токулган кооз гилемдин өмүрү да кыска болду. Эл кайрадан кол гилемди эңсеп, гилемчилерди издеп, гилем кайчы, гилем бычактарды издеп, гилемдер кайрадан токула баштады. Эми гилемдин баасы да, гилемчилерге берген кол акы да көтөрүлдү. Чет элдиктер алыскы Мөлтүр-Булакка келип, алакандай гилемдерди долларга сатып алып, гилемчилер болсо дүйнө кыдырып, көргөзмөлөргө каттап, гилемчилик чоң бизнеске айланды. Кайран Турду гилемчи ушул доорду көрсө, сүрсө болот эле, жетишпеди.

Постектин жыртыгындай кичине болсо да жараткан буга эки көз берсе эмне..."

("Гилемчи" аңгемеси)

Шайдуллаева - стилисттин аңгемелер жыйнагында мындай лирикалык чегинүүлөр, биздин замандын эмгекчилери, каймактары тууралуу байкоолор, портреттер, далайга эсте кала турган салыштыруулар, реалисттик манайдагы сүрөт-эпизоддор көп жолугат.

Жыйнактагы дагы бир кызыктуу нерсе бу. Топчугүлдүн көркөм дүйнөсүнүн чордону, тартылуу орду—"Мөлтүр Булак" аттуу чакан айыл. Бул айыл Василий Макарович Шукшиндин эч качан кол үзбөгөн, ааламдын кайсы жеринде болбосун кайрылып келген алтын тууру – Сростки деген айылы же Кубатбек Жусубалиевдин Кердегейи, Чыңгыз Айтматовдун Шекер айылы сыяктуу нерсе.

Соңунда айта турган дагы бир маанилүү сөз мындай. Мен кириш сөздү биздин замандын кишилери деген формуладан баштаганым жок. Байыртадан эле жердин ээси же куту –эмгек адамдары болуп келген жана мындан ары да ошондой болот. Топчугүлдүн негизги каармандары да ошол элдин куту, жердин куту болгон эмгек адамдары. Бул өтө кубандыра турган көрүнүш. Демек, Т. Шайдуллаева калем ээси , прозаик катары эң бир туура жолдо баратат.

Т. Шайдуллаеванын аңгемелери - прозадагы лирикалар, биздин элеттен келген элестер. Жөн эле элестер эмес, эстен кеткис элестер. Дээрлик баардык аңгемелер негизинен бир эле айылдын – "Мөлтүр-Булак" аттуу чакан айылдын эли-журтунун турмушунан алынса да, аңгемелери – дагы баса белгилегим келет—азыркы кыргыз элетинин көркөм элестери, ар кимге эле байкала бербеген маанилүү эпизоддору.

Биздин замандын кишилеринин Т. Шайдуллаева тарткан таасын элестери, бейнелери деп айтсам адилеттик болоор эле.

Калемиң курчусун, Топчугүл! Тандаган жолуң даңгыр, ээрчиген устаттарың улуу экен. Сенден дагы жаңы ачылыштарды, чыгармачылык табылгаларды күтөбүз!

№07 (293)

28 07 2023

kyrgyztili@mail.ru

# АЙТМАТОВ – БИОСОФ

Эсенбай НУРУШЕВ

**"Чыңгыз Айтматовдун көркөм антропологиясы" аттуу макаладан**

Адегенде бир суроо: "Кылым карытар бир күндө" жазуучу биринчи эле бизди Сары-Өзөктүн кайсы тургуну (обитатель) менен тааныштырат?

Таң калбаңыздар: түлкү менен тааныштырат, ага романдын баштапкы үч-төрт бети арналат, анан ошо түлкү Казангаптын кайтыш болгонун угуп, аны жерге берүүнүн ташпишин ойлонуп келаткан Эдигейге жолугат. "Сага эмне жок?" – деп ал тигиге сөөмөй кезейт. - Эмне тиктейсиң? Жогол!" Түлкү нары секирип, кайра кайрылып отуруп алат. Анын бу жоругуна таң калган Эдигей өзү келип турган олжону таш менен жалпайта чапкысы келип, мээлеп туруп дал шилтеп каларда оюна бирдеме кылт этип, токтоп калат.

Ким бирөөдөн уккан экен, эстеп көрсө "атасын тартпай калган" Сабитжан айтыптыр: Индостанда бир илим бар, ошол илим боюнча адам туула электен мурда дүйнөгө же куш, же кумурска, же дагы бир макулук болуп келип, кийин өлгөндө жаны ошолорго ооп кетет имиш деп. Кокус жаңы эле каза болгон Казангаптын жаны ушу түлкүгө өтүп, ээн тамда жалгыз кала албай, жандай көргөн досуна келип тургандыр, балким? Ошону ойлоп Эдигей тигиге: "Бар, бара гой, бул жер сага жай эмес, талаага кет. Тыякка жолобо, иттер бар, ыктуңбу, кудайдын макулугу, жолуң болсун, жөнө!"- деп кобуранат. Анын сөзүн түшүнгөнсүп, түлкү бир-эки кылчайат да, ошо бойдо көздөн кайым болот.

Мунун эмнеси бар экен? – деп айтарсыз. Билгенге бир топ эле нерсеси бар. Баарыдан мурда алгачкы ушул бир сүртүм эпизод Эдигейдин "визиттик карточкасындай" кабылданат, андан бизге романдагы башкы каармандын жан дүйнөсү, анын кандай адам экени жарк этип ачыла түшкөндөй болот. Психоаналитиктер Эдигейди дароо эле биофил – тирүүлүккө, өмүргө, жашоого медилин салган киши – деп аныкташмак.

Биз буга романдын жүрүшүндө толук ынанабыз. Бул айрыкча Каранар экөөнүн мамилесинде таасын ачылат. Бу буурасын Эдигей сүт бото кезинен кулундай үртүктөп, бооруна жылуулап, ороп-чулгап, бапестеп багат. Далай ирет ийрек мойнунан кучактап: "Экөөбүз эмчектеш бир туугандай эле болуп калдык", - деп сылап-сыйпап эркелетет. Минткени – Каранар энеси Акбозбашыл ингендин эмчегин эмип торолсо, Эдигей анын сүтүнөн шубат жасап ичип, согуштан алган контужиндин салакасынан кутулат. Ошо сүт бото кийин ээсине тагдырлаш, бүт Сары-Өзөктүн аймагына атагы чыккан буура болот.

Сары-Өзөккө да иш жүзүндө Эдигей ушу буурасынын аркасы менен таанылат. Аерликтер Эдигей десе Каранарды, Каранар десе Эдигейди эстешет. "Эгер Эдигей Борондуу Эдигей эмес, жөн эле акылы бар, эси бар, кара башыл, кош аяктуу жан болгондо бу Каранар Борондуу Каранар болуп калат беле, ким билет". Айтор, Эдигейдин "өмүрүндө канча жолу жакшылык, канча жолу жамандык болду, качан болсо кыйынчылыктан Каранар куткарып келди".

Каранар тегин мал эмес, ал кадимки Найман-Эненин атактуу акбоз ингени Акмаянын тикелей тукуму, андан бери эки жүз–үч жүз жыл, а балким, беш жүз жыл өткөндүр, айтор, ошол тукумдан желдей учкан желмаян сейрек чыгып калды. Каранар алардын адагыдыр, б.а. акыркысы чыгар. Ушунча кишиден келип Эдигейдин шыбагасына ошондой төө тукуму буйруп калганына ал өзү да корстон. Ким болбосун, айрыкча фотожурналисттер Каранарды "бактериан" (бактриан – camelus bactrianus – эки өркөчтүү төөнүн түпкү тукуму) дешип мактап, сүрөттөрүн гезит-журналдарга чыгарып, салып жиберишкенде, же борондуулуктар бу бууранын пилден да күчтүү экенин айтып, тамшанып калышканда "мал ээси машайык" болуп, төөсүн эмей эле өзүн мактап жаткандай Эдигейдин чомочосу көтөрүлүп, эдирейе калат.

Бирок бир жаман жери – кышкы чилдеге киргенде, кудай бетин салбасын, чилденин каары менен бууранын каары төп келишип калат. Ошондой бир жолкуда Каранардын айынан Эдигей көрбөгөнү көр болгондой эле азап тартат. Анан калса бу оңбогур буура өз үйүрүндөгү каймалдарга карабай, бөлөк үйүрдөн инген издеп калат. Андайда Эдигей: "Ии, алаамат дагы башталдыбы? Тыяктагы үйүргө жүгүргөнү калган турбайсыңбы хайван атаңдын оозуна... Элден уялсаң боло!"- деп күпүлдөп алат.

Аңгыча Эдигейдин ичинде да бороон жүрө баштайт. Эки ургаачынын ортосунда аябай чабалактап чайналып, же Зарипа менен ачыкка чыга албайт, же Үкүбаланы таштап кете албайт. Ушундай абалына жини келгенде: "Айбан! Төөң да хайван, өзүң да хайвансың!" - деп өзүн өзү тилдеп алат.

Иши кылып, чыгармада Эдигейдин жарым жаны Каранарга өтүп калгандай сүрөттөлөт. Казангап аны "Эдигейдин жан шериги" деп айтканы бекер эмес.

## ЭЗЕЛКИ ИШЕНИМДЕРДИН СӨӨМӨТҮ

Дегинкисинде мындай ишенимдер – адамдын жаны башка бир макулукка, ал эми макулуктун жаны адамга өтөт деген ишенимдер – палеогенетиктер менен археологдордун ырастоолоруна ишенсек, аз болгондо 15 миң, ары барганда 30 миң жыл илгери жаралган болушу мүмкүн. (Мифы народов мира. М., 1980. Т.I). Бери эле дегенде муну санскрит адабияттарында, Упанишаддарда (б.з.ч. VIII – III кк.) реинкарнация, байыркы гректерде (Пифагор, Сократ, Платон) метемпсихоз деп аташкан. Буга ишенгендер биздин заманда деле аз эмес.

Кандай болгон күндө да аталган ишеним-ынанымдарда "тирүү макулукка кыянат кылба, анын да жаны бар" деген жөнөкөй ибарат, карапайым сөөмөт жатат.

Турмуштук ушул насаатты улуу гуманист Алберт Швейцер өз кезинде "өмүрдү кастарлоо" ("благоговения перед жизнью") деп атап, аны универсалдуу этика катары сунуш кылат ("Культура и этика". 1923). Бул этиканын башкы принцибине ылайык, киши баласына жалпы баарынын, анын ичинде өсүмдүктөр менен жан-жаныбарлардын өмүрү адамдын өмүрүндөй эле ыйык болушу керек.

Кырк жылдан кийин ушул эле идеянын тегерегинде дагы бир түшүнүк жаралып, ал биофилия деп аталат (bios – тирүүлүк, өмүр, жашоо; philia– сүйүү). Бул терминди философ, психоаналитик Эрих Фромм 1964-жылы жарык көргөн китебинде биринчи ирет колдонуп, анын маанисин кийинки эмгектеринде кеңири өнүктүрөт. (Э. Фромм. Душа человека, ее способность к добру и злу. М., 2010). Аларда биофилдердин этикасы мындайча аныкталат: өмүргө кызмат кылгандын баары – жакшылык, өлүмгө кызмат кылгандын баары жамандык.

Өткөн кылымдын этегинде америкалык атактуу биолог, жазуучу Эдвард Уилсон (Edward Osborne Wilson) биофилизмди илимий гипотеза айлантат. (Анын бестселлерге айланган көп китептери бар, кызыккандарга бирөөсүн көрсөтө кетели: Биофилия. Врожденная тяга к живому как связь человека с другими биологическими видами. УРСС: Ленанд. 2017). Биофилияны ал адамдын бу жарык дүйнөдө өмүр сүрүшүнүн бирден бир негизи деп эсептейт. Уилсон кичи баласы дээринен табиятка, жан-жаныбарларга жакын келерин, аларга тартылып турарын белгилеп, бирок азыркы замандын кишилери дал ушул касиетин жоготуп алганына кооптонот.

Акырында биздин кылымдын башталышында биоэтика, биоцентристтик аалам сыяктуу концепциялар жаралды. Мунун биринчиси жаңы илим, демек, жаңы дүйнөтааным катары таанылып, ыкчам өнүгүп баратат. Экинчи теория биздин чекебакабыздагы реалдуулукту, мезгилди жана ааламды тирүүлүк түзөт, б.а. аалам жашоодон жаралат, жашоо жок жерде аалам да жок деп эсептейт. (Роберт Ланца. Биоцентризм. Как жизнь создает Вселенную. - Biocentrism: How Life and Consciousness are the Keys to Understanding the Universe. 2015).

## ТИРҮҮЛҮКТҮН АПОСТОЛУ

Булардын баарын чекенелеп, учкай болсо да атайылап айтып отурганыбыздын эки себеби бар. Биринчиси – өйдөкүдөй ойлор, идеялар Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларында, айрыкча "Гүлсараттан" тартып "Тоолор кулаганда" романына чейин мүрөл үлгүдө жолугат. Экинчиси, ошол өткөн кылымдын алтымышынчы жылдарында жогоруда аталган түшүнүктөр көпчүлүккө дегеле белгисиз эле, алардын көбү XX жүз жылдыктын этегинде жана XXI жүз жылдыктын башталышында жаралды. Андай болсо Айтматов эң жаңы мына ушул теориялар, концепциялар жана гипотезаларда, жалпы эле гуманитаристикада пайда боло турган маселелер менен проблемаларды алдын ала кантип, кайдан жүрүп билди экен? - деген суроо келип чыгат.

Айтматов адабиятка келген мезгилде адамзат космоско киши учуруп, андан соң Айга барып келип дегендей өзүнө өзү тамшанып, өзүнүн жетишкендигине өзү таң калып, өзүнө өзү табынып турган маал эле. Буга катарлаш көз ирмемде 70 миң адамды набыт кылып, андан да көбүн араңжан бирдемеге айлантып салар куралын (Нагасакидеги бомба жапырыктын мисалы) ого бетер өркүндөтүп, жер бетиндеги жашоону алеки саатта майкандап таштай турган күчкө жеткирип, өз акылынын ойрондуу натыйжасынан адамзат үрөйү учуп, үрпөйүп турган да кез эле. Бул айрыкча Кариб кризисинин маалында таасын сезилди.

Андан көп өтпөй, кылымдын соңуна барып биотехнология адамдын өмүрүнө, анын насилине кийлигише баштады. Башкача айтканда, адамды биологиялык жандыктан технологиялык жандыкка айлантып салуу мүмкүндүгү жаралды. Ошентип, атом бомбасынан жаралган кооптонууга медициналык – биологиялык "бомбанын" коркунучу кошулду. Иши кылып, адамзат өз аракетинен, өз акылынан кутулбас куйга туш болуп алгансыды.

Мына ушундай шарттарда, И. Кант айткандай, "Кантип жашоо керек?" деген маселе келип чыкты. Деги адамзат кайда барат? Анын келечеги кандай болот? Анын мындан аркы эволюциясы "табигый тандам" (естественный отбор) тарыйкасы менен уланабы же "жасалма тандамдын" (искусственный отбор - Ч.Дарвиндин терминдери) азгырыгына кирип кетеби? Өсүү жолу деп жаңылып, балким, өлүү жолуна түшүп алабы?

Мындай глобалдуу, планетардык маанидеги соболдорду, эми, кыргызда айтылгандай, такай түштөн кийин келчү көсөөнүн акылы менен териштире келсек, Айтматов ошол алтымышынчы жылдардын этегиндеги, айрыкча андан кийинки мезгилдеги интервью-маектеринде, абройлуу жыйындарда сүйлөгөн сөздөрүндө, публицистикалык макалаларында адегенде акырындап аз-аздан кыйытып, анан батылдык менен тикесинен коюп, айта баштаган экен.

Айтор, жапан жаратылыштан бөлүнүп, өзүнүн артыкчылыгын андап калгандан тартып бар болгон акылын жалаң табийгатты, жалпы ааламды багындырганга жумшап келаткан адам акыры келип өзү бу дүйнөнүн башкы коркунучуна айланып калышы ажеп эместигин ошо кезде батыны ачык саналуу эле адамдар байкаган экен, алардын ичинде биздин Айтматов да болуптур.

Өз мезгилинен озуп ойлоно алган ошондой кишилердин арасында жазуучу кеменгерлик керетинде homo sapiens аталган айры буттуу, жумур баштуу бу "хайванга" (Эдигейдин сөзү) жер бетиндеги тирүүлүктү түгөл курутуп, ага кошо өзүн да күмжам кылып албасын үчүн жаңы морал, жаңы ыйман, жаңы этика жана жаңы эстетика керек экенин айкын сезген шекилди. Бери эле дегенде 1966-жылы жарык көргөн "Гүлсараттан" тартып анын повест-романдарында башкача бир апаз – жер бетиндеги тирүүлүктүн баркы менен наркы, керемети менен сулуулугу адамдын өзүндө эле эмес, аны курчап турган сырткы дүйнө менен тыгыз байланыштуу экенин эскерткен көркөм экмет пайда болуп, жүрө-жүрө ал тирүүлүк идеяларынын бүкүлү бир системасына өсүп чыгат. Муну биз азыркы билимдердин, түшүнүктөрдүн жана терминдердин аңытына салып, Айтматовдун көркөм биоцентризми деп эсептесек болот.

Бул биоцентризмдин эки өзгөчөлүгү бар. Бир жагынан адатта эски ойчулдар менен философтордун, сүрөткерлердин көбү, А.Швейцер айткандай, айланып келип эле адамдын адамдыгын динге, кудай жолуна кайтуудан көрсө, Айтматов адамды ал өзү кайдан жаралса, ошол тарапка – табиятка, жаратылышка, космоско жана ааламга кайтарат. Ошол эле учурда кантип жашоо керек проблемасы Айтматовдо өмүрдү, тирүүлүктү, жашоонун өзүн коргоо идеясына айланат. Ушул биоцентризм бизди Айтматовдун көркөм антропологиясындагы, адамтааным усулундагыдагы бир мүнөздүү белгиге – жазуучунун биософиясына алып чыгат. (Bios – жашоо, тирүүлүк, өмүр, sophia – акылгөйлүк, даанышмандык, билимгөйлүк). Биософия – жандүйнө, ойлом чөйрөсүндөгү көп кырдуу кубулуштарды камтыйт, анда тирүүлүк, жашоо жана өмүр башкы орунга коюлат, мунун баарына, турмушка акыл-эстүү мамиле жасоону билдирет. Ушул мааниде Айтматов бизге өзүнүн чыгармаларында тирүүлүктүн акылман апостолу болуп көрүнөт.

# КЫРГЫЗ ТИЛИНЕ ЕВРОПА ТИЛДЕРИНЕН КЕЛИП КИРГЕН СӨЗДӨРДҮН ТУТУМУ

***Исмаил АБДУВАЛИЕВ, профессор.***
***Бактыгүл НУРИЕВА, магистрант.***

Макала азыркы кыргыз тилиндеги европа тилдеринен келип өздөштүрүлгөн сөздөргө арналган. Бул тилдер менен кыргыз тилинин түздөн-түз карым катышы болгон эмес. Бул сөздөр кыргыз тилине орус тили аркылуу келип кирген деп айтылып келе жатат. Азыркы ааламдашуу заманында карым-катыштарды жок деп айтуу кыйын. Поезд, учактар аркылуу европалык элдер менен карым-катыш бар. Көбүнчө терминдер кабыл алынып, кыргыз тилинин лексикалык тутуму байыган. Техника боюнча, илимдин бардык түрлөрү боюнча терминдердин да басымдуу көпчүлүгү ошол англис, немис, француз жана башка тилдерден келип кирген.

Азыркы кыргыз тилинин лексикалык кору акыркы кылымдарда элдин турмуш- тиричилигинин өсүшүнө, жаңыланышына жана илим менен техниканын дүркүрөп өскөндүгүнө байланыштуу абдан көп лексикалык бирдиктерди башка тилдерден кабыл алып, өзүнүн ички ресурстарынан жасалган жаңы сөздөр пайда болуп, көрбөгөндөй өсүп-өнүгүп, толукталып келе жатат. Мисалы, акыркы эле жылдары кыргыз тилинин лексикасына ички ресурстардын эсебинен эмерек, кычкылтек, суутек, көмүртек, иш сапар, нускама, тактама деген сыяктуу толуп жаткан сөздөр менен толукталып байыган чак. XX, XXI кылымдарды кыргыз тилинин лексикалык кору башка тилдерден кабыл алынган стол, стул, аптека, врач, операция, бухгалтер, отчёт, футбол, стадион, самолёт, космос, космонавт, велосипед, пароход, физика, химия, алгебра, биология, география, философия деген өңдүү толуп жаткан сөздөр менен толукталды.

Кыргыз тилинин лексикасынын жаңы сөздөр менен толукталып байышы сырткы ресурстар менен арбын жүрдү. Турмуш шарттын, маданияттын өсүшүнө байланыштуу орус тилинен көп сөздөр өздөштүрүлүп, азыркы кыргыз тилинин лексикасы эбегейсиз көп сөздөр кирди. Алсак, сөлкөбай, керебет, көпөс, шапке, ширеңке, бөлкө, самоор, бөтөлкө, панар, меш, соко, каамыт, болуш, түрмө, сот деген сыяктуу толуп жаткан сөздөрдүн бардыгы кыргыз тилинин фонетикалык закондоруна багындырылып кабыл алынган. Орус тилинен кирген сөздөрдү окумуштуулар экиге бөлүп карап келе жатышат. Бул жогорудагыларды, кыргыз тилинин мыйзамдарына баш ийдирилип кабыл алынгандарды "Октябрь революциясына чейин" кабыл алынган сөздөр деп, кыргыз тилинин фонетикалык мыйзамдарына баш ийдирилбей кабыл алынган коммунизм, редактор, лекция, класс, комната, погреб, лом, станок, сеялка, хутор, ремонт, коробка, тарелка, теплоход, старшина, политрук, капуста, помидор деген сыяктуу көп сөздөр "Октябрь революциясына кийин" кабыл алынган сөздөр деп айтылат. Булар атайын эреже менен орус тилинде кандай жазылса ошондой жазылат.

Ошол эле мезгилде кыргыз тилине бир нече европалык тилдерден да сөздөр өздөштүрүлгөн. Алар көпчүлүк эмгектерде орус тили аркылуу башка тилдерден келген сөздөр деп мүнөздөлөт. "Жаңы коомдук түзүлүштү мүнөздөөчү революция, социализм, коммунизм, совет, коммунист, комсомол, совхоз сыяктуу орус тилинен кирген сөздөр менен катар, илимий терминдердин көпчүлүгү дээрлик орус тили аркылуу кабыл алынган интернационалдык терминология болуп эсептелет" деп жазылган алгачкы лексикологияда.

Азыркы кезде, XXI кылымда кыргыз тили менен европалык тилдер гана эмес, дүйнөнүн дээрлик бардык элдеринин тилдеринин карым-катыштыгы жок эмес. Илим менен техниканын өсүшү, Кыргызстанга ар кайсы мамлекеттерден келгендер, кыргыздардын Европа өлкөлөрүндө, Америка, Африка материктеринин мамлекеттеринде жашап иштеп жүргөндөрү, мына ушулар башка тилдер менен кыргыз тилинин түздөн-түз карым-катышынын болуп жаткандыгын айтып турат. Демек, азыркы кыргыз тилине европалык тилдерден орус тили аркылуу эмес түздөн-түз сөздөрдүн келип жаткандыгын лингвистикалык атайын максат менен изилдөө актуалдуу болуп саналат.

Кыргыз тилине европалык тилдерден келип кирип өздөштүрүлгөн сөздөрдүн басымдуу көпчүлүгүн терминдер түзөт. Бул өздөштүрүлгөн терминдер илим менен техниканын, маданияттын дээрлик бардык тармактарын камтыйт. Согуштук иштердин терминдери да өздөштүрүлгөн. Биздин жыйнаган материалдарга караганда европалык тилдерден өздөштүрүлүп кабыл алынган терминдердин басымдуу көпчүлүгү латын жана грек тилдинен экендиги белгилүү болду. Мунун себебин азыркы Европа маданиятынын башаты Байыркы Греция менен Байыркы Рим империялары, ошол мезгилдердин илим, билим, маданияты азыркы Европа цивилизациясына негиз болгондугу түзөт деп эсептейбиз.

Европа тилдеринен келип өздөштүрүлгөн терминдердин дээрлик бардыгы тыбыштык жагынан өзгөртүлбөй кабыл алынган. Мунун бир себеби алардын көпчүлүгүнүн орус тили аркылуу келип кыргыз тилине өздөштүрүлгөндүгү болуп эсептелет деп ойлойбуз. Кайсы тилдерден келип өздөштүрүлгөнү боюнча мисалдарды келтиребиз.

**Латын тилинен келип өздөштүрүлгөндөр.** Латын тили азыркы кезде сенек болуп калган, башкача айтканда, орус тилинен калька жолу менен алып айтканда, өлгөн тил болуп саналат. Ошого карабастан байыркы латын тили азыркы кезде да илимий мекемелерде окутулуп келе жатат. Мисалдар: амплуа, аммиак, аналгин, аннексия, аппарат, апрель, арматура, архив, аттестат, аффикс, витамин, диалог, диагональ, диктор, индекс, империя, импульс, институт, календарь, кандидат, капитал, компас, кредит, курс, курсив, лектор, лекция, лимит, максимум, минимум, минус, мотор, опера, офицер, палата, персонал, пенсия, план, плюс, прогресс, проект, профессор, процент, радио, радиус, ревизия, реклама, семинар, сентябрь, серия, статус, студент, сумма ж.б.

**Грек тилинен келип өздөштүрүлгөндөр.** Грек тили азыркы Греция мамлекетинин калкынын тили. Мисалдар: амфибия, анализ, анод, антитеза, апогей, арифметика, арктика, артерия, артикул, архаизм, барометр, барограф, биография, биология, ботаника, диалект, диалог, диаметр, диапазон, драма, идея, каталог, категория, катод, кафедра, комедия, космос, куб, лирика, логика, магистраль, магнит, озон, оптика, параллель, поэзия, поэма, практика, протокол, сейсмология, символ, симпозиум, схема, тактика, фото, экономика, электрон, эмблема, эпиграф, эпидемия ж. б.

**Француз тилинен келип өздөштүрүлгөн терминдер.** Француз тилинен өздөштүрүлгөн термин-сөздөрдүн саны да арбын: амортизатор, анонс, армия, артиллерия, артист, багаж, база, балет, балл, банкет, бассейн, батарея, батон, бомба, брынза, бригада, букет, буфет, бюджет, бюро, бюрократ, ваза, вазелин, визит, винегрет, габарит, газон, галерея, гараж, гардероб, грамм, диплом, дублёр, кабина, кампания, капитан, капот, каскад, колледж, комиссар, компот, контраст, контур, костюм, крем, купе, литр, макет, манёвр, макет, машина, медаль, миллион, министр, мода, модель, оркестр, пальто, парад, парашют, пароль, паспорт, пистолет, пляж, рельеф, сеанс, сервиз, сержант, силует, стаж, стажёр, такси, трикотаж ж. б.

**Немец тилинен келип өздөштүрүлгөн терминдер.** Немец тилинен да термин-сөздөр өздөштүрүлгөн: арфа, банкрот, бухгалтер, бухта, висмут, галстук, гарнитур, гаубица, герц, гестапо, группа, дизель, домкрат, квартира, кварц, клапан, контора, крахмал, лагерь, лейка, линза, марка, мастер, маузер, мачта, партия, пассажир, пролетариат, рейс, рента, рыцарь, ролик, сигнал, стеллаж, табель, трасса, труп, турнир, фартук, флот, фляга, фокус, фронт, ширма, штат, штатив, штанга, шприц, штаб, шрифт, щтапель, шпилька,штемпель, штраф, штрих, штурм ж. б.

**Англис тилинен келип өздөштүрүлгөн терминдер:** бифштекс, бруцеллёз, бульдозер, бункер, буфер, вагон, ватман, волейбол, гол, грейдер, диспетчер, дренаж, картер, каучук, керосин, комбайн, конвейер, контейнер, концерн, кросс, кроссворд, лидер, лифт, матч, мистер, митинг, рейд, рельс, ринг, ротапринт, свитер, сейф, сквер, снайпер, спидометр, спорт, спринт, стандарт, старт, стенд, тайм, тайфун, танк, теннис, трактор, трамвай, трест, троллейбус, фильм ж.б.

**Итальян тилинен келип өздөштүрүлгөн терминдер:** ария, балерина, банда, баритон, брутто, валюта, вольт, газета, гаупвахта, гранит, графин, казарма, картон, квартет, контрабанда, концерт, лава, либретто, нетто, салфетки, серенада, соната, студия, сценарий, тенор, трафарет, трио, фирма, флейта, штамп ж. б.

**Нидерландия тилинен келип өздөштүрүлгөн терминдер:** боцман, брезент, вахтёр, вымпел гавань, вахта, кабелькойка, конвой, кофе, кофейн, матрос, трап, трос, флагман, шторм, штурвал, штурман ж. б.

Дагы башка европалык тилдерден да термин-сөздөрдүн кыргыз тилине келип өздөштүрүлгөнү белгилүү. Бирок алар аз санда. Европа тилдеринен кыргыз тилине келип өздөштүрүлгөн сөздөрдүн, термин-сөздөрдүн кандай лексика-тематикалык топтордон турарына назар салып көрөлү.

Техникага, унааларга байланышуу термин-сөздөр: авиация, автобус, автомобиль, такси, локомотив, трактор, троллейбус, трамвай, автовокзал, аэропорт, трап, рейс, амортизатор, бульдозер, вагон, рельс, асфальт, туннель, мотор, мерседес, ауди, форд, пассат, бензин, керосин, парк, аэрофлот, корабль, космонавт, парашют, купе, каюта, машина, трасса, магистраль, гавань, кабель, матрос, флогман, шрурвал, штурман, грейдер, диспетчер ж. б.

Искусствого, көркөм өнөргө байланышуу термин-сөздөр: ария, балет, балерина, баритон, опера, драма, декада, театр, цирк, кино, фильм, соната, сценарий, тенор, флейта, пианино, аккордеон, скрипка, пьеса, трагедия, комедия, лента, баян, бас, саксафон, концерт, пауза, амфитеатр, антракт, жонглёр, труппа ж. б.

Билим берүүгө байланышуу термин-сөздөр: геометрия, география, биология, химия, физика, линейка, протфель, рюкзак, музыка, роман, повесть, поэма, эпос, блокнот, нота, морфология, фонетика, лексика, фразеология, артикул, архаизм, омоним, синоним, антоним, балл, институт, колледж, идиома, ботаника, зоология, арифметика, конус, пирамида, квадрат, биссектриса, радиус, студент, генетика, карта, астрономия, океан, шар, материк, черчения, оптика, теорема, магистр, практика, брошюра ж. б.

Медицинага байланышуу термин-сөздөр: ангина, аналгин, амплуа, бруцеллёз, аптека, амбулатория, окулст, терапевт, хирург, лаборант, поликлиника, врач, анестезиолог, уролог, педиатр, операция, шприц, цитрамон, аспирин, кардиолог, кардиомагнил, лориста, биомицин, эрбинол, новосалик, йод, колба, скальпель, бинт, амлодипин, рентген, кардиограмма, невропатолог, палата, эпидемия ж. б.

Согуш өнөрүнө байланышуу термин-сөздөр: армия, артиллерия, танк, бункер, буфер, окоп, блиндаж, гаубица, граната, гранатамёт, ракета, вертолёт, командир, снайпер, рота, взвод, сержант, офицер, ефрейтор, генерал, полковник, подполковник, мичман, бомба, снаряд, лейтенант, адмирал, маузер, рыцарь, флот, фронт, штаб, штурм,гестапо, гаупвазта, казарма ж. б.

Ошондой эле спорт, кийим-кече турмуш-тиричиликке байланышкан терминдер бар.

Европа тилдеринен келип кирип өздөштүрүлгөн сөздөрдүн лексика-тематикалык топтору мындан алда канча көп. Акыркы жылдарда чөнтөк телефон, интернет деген сыяктуу жалпы эл колдонуп жаткан технология аркылуу файл, ватсап, чат, зуум, ютуб, инстаграм, рамблер, майл, ком. Бул демек азыркы кыргыз тилине европа тилдеринен илим, билим, маданиятка байланыштуу өздөштүрүлүп жаткан сөздөр арбын экендигинин далили.

№07
(293)
28
07
2023
kyrgyztili@mail.ru



# КЫЛЧАКТАБАЙ, ЖАҢЫЧА, ЧЕЧКИНДҮҮ ИШТӨӨ КЕРЕК

**Алымкулов Карыпбек** - 1938-жылы Чүй облусунун Сокулук районуна караштуу Белек айылында туулган. 1954-жылы Сокулук районунун Калинин атындагы орто мектебин медаль менен аяктаган. 1954-1960-жылдары Фрунзе политехникалык институтунун энергетика факультетинин студенти. Адистиги – электр жана автоматика жана технологиялык комплекстерин өнөр жайда орнотуу. Квалификациясы – электромеханик инженери. 1961-1964-жж. – В.И.Ленин атындагы Электротехника институтнун аспиранты. Техника илимдеринин кандидаты (1970), профессор (1992), Кыргыз Республикасынын Инженерия академиясынын академиги (1992), Эл аралык инженердик академиясынын академиги(1994), техника жана технология илимдеринин доктору(1998), Эл аралык электротехникалык илимдер академиясынын академиги(1998). Эл аралык Маалыматтык технологиялар университетинин ардактуу доктору, М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университетинин жана И.Раззаков атындагы техникалык Кыргыз мамлекеттик университетинин ардактуу профессору. Экинчи класстагы мамлекеттик кеңешчи. СССР, Англия, Италия, Германия, Данияда квалификацияны жогорулатуу институттарында башкаруу системаларын автоматизациялоо, инженердик-техникалык эсептөөлөр, энергетикалык баа түзүү боюнча окуган.

## Аймактагы кесиптик тажрыйбасы

1960-1961 – жылдары Кыргыз СССРнын Энергетика башкы башкармалыгынын автоматика, телемеханика лабораториясынын мастеринен башталган. 1965-2000-жж. – Фрунзе политехникалык институтунун энергетика факультетинин окутуучу, улук окутуучу, доцент, профессору. 1968-1971–жж. – Кыргыз Совет Энциклопедиясынын башкы редакциясынын техника бөлүмүнүн башчысы. 1972-1988-жылдары СССР Электротехника өнөр жайы министрлигиндеги долбоорлоо-конструктордук жана технологиялык институтунун илимий-изилдөө иштеринин директору.

1988-1992-жж. – Министрлер кабинетинин башкаруу институтунун ректору. 1991-жылдан КРнын Инженердик академиясынын вице президенти. 1992-2000-жж. – "Электроника" илимий-техникалык борборунун башкы директору. 1996-1997-жылдары Россиянын стандарттaшуу, метрология жана сертификаттоо академиясынын Кыргызстандагы филиалынын директору. 2000-2005-жж. – Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин мыйзам чыгаруу жыйынынын депутаты. 1996-2004-жылдары "Арпа" ААКнын, 2000-2004-жылдары "Чакан ГЭС" АЧКнын , 2006-2009-жылдары "Хайдаркан сымап комбинаты" ААКнын жана 2010-2013-жылдары "Электр станциялары" ААКнын директорлор кеңешинин төрагасы. 2013-2017-жылдары "Кыргызстандын улуттук электр тармактары" ААКнын директорлор кеңешинин мүчөсү.

**Сыйлыктары:** СССРдин ойлоп табуучусу (1984), КРнын өнөр жайына эмгек сиңирген ишмер (1993), «Даңк» медалы (2002), III, II даражадагы "Манас" ордени (2006-2019) жана көптөгөн ардак грамоталар менен сыйланган.

250дөн ашык илимий эмгеги жарык көргөн, анын ичинде 11 монография, 10 сөздүктүн автору.

***– Карыпбек агай, сиз өз мезгилинде тил маселеси боюнча далай кагылыштарга катышып, бийликтен ыдык көргөнсүз. Тил маселесине кантип аралашып калдыңыз? Ушул боюнча кененирээк айтып бериңизчи.***

– Ар бир улуттун өкүлү өзүнүн тилин улуу деп, сезүүгө милдеттүү. Бирок, сен өзүңдүн тилиңди улуу тил деп ойлогон менен, ал өзүнөн өзү эле улуу болуп калбайт. Ар бир улут баласы тилди өнүктүрүүнү ойлош керек. Мен 1954-жылы Политехникалык институтка энергетика жаатына окууга өттүм. 1957-жылы "Полупроводники" деген орус тилиндеги жакшы китеп чыкты. Жарым өткөргүчтөр боюнча биринчи Союзда чыккан 15 бет китеп. Ал учурда мен 3-курстун студентимин. Ошону кыргызчага которуп, Кыргызмамбаска алып бардым.

***– Өзүңүз демилгелеп эле..***

– Өзүм эле. Ал убакта Кыргызмамбас азыркы «Hyatt» мейманканасынын ордундагы бир кабаттуу имаратта болчу. Ал жакка барып, сураштырсам мени экономика бөлүмүн караган редакциянын башчысына жөнөтүштү. Кол жазманы карап, формула, таблица, чиймелерди текшерди. Анан мага кайрылып: «Бул жазмаларды түшүнгөн киши орусча эле окуп алат да, муну эмне кыласың?» деди. Ошону менен басмадан чыккан жок, токтодум. Бирок, мен 3-курста окуп жаткан кезде агам менен жеңем Москвадан, бирөө жеңил өнөр жайын, бирөө түстүү металлургия жана алтын институтун бүтүп келишти. Кийин жеңем фабрикада эмгектене баштады, агам Актүздө 2 жыл иштеп, кайра Бишкекке келди. Ошентип ал киши экөөбүз тоо кени боюнча терминдерди кыргыз тилине которо баштадык. Жеңем менен болсо жеңил өнөр жайын талкуулап, кийин 1964-1965-жылы эки багытта тең сөздүк китеп чыгардык. Агам Москвадан диссертациясын жактап келген соң ооруп, 1963-жылы 30 жашында каза болду. Андан мурда же 1958-жылы Москвада Кыргыз искусствосу менен маданиятынын күндөрү болуп, атайын өздүк көркөм чыгармачылык боюнча 4 жогорку окуу жайынын 60 студентин чогултту. Алардын катарында мен да бармын. Биз театрдык хор менен концертте ырдадык. Музыкага ошол убакта аралашып калгам.

***– Алгачкы жолу барышыңыз да Москвага?***

– Ооба. Ал убакта агам академияда иштеп, аспирантурада окуп, мен болсо окууну бүтөм деп, диплом жазып жүргөн кез. Азыркы Эркиндик менен Токтогул көчөлөрүнүн кесилишинде Техникалык институттун "Горно" деген корпусу бар эле, азыр деле бар. Ошол жердеги бир чоң бөлмөдө үч аспирант жана диплом жазып жүргөн мен чогуу даярданып, окуганбыз. Аспиранттар менен ошол мезгилде аралаштым. Окууну бүттүм, бир жылдан кийин аспирантурага Ленинградга кеттим. Аспирантурада окуп жүргөндө бийге болгон кызыгуу жаралып, окуудан сырткары 3 жыл бий ийримдерине барып үйрөндүм.

***– Бийге бирөөлөр үгүттөп алып бардыбы же шыгыңыз жетеледиби?***

– Ал мындай болду. Жатаканада чогуу жашаган орус бала менен Ленинграддын "Лягушатник" деген кафесине барып калдык. Аталышы имараттын жашыл өңдүү болгонунан коюлган. 100 жылдан ашык тарыхы бар жай. Таттуу жейли деп киргенбиз, орундардын баары бош эмес болгондуктан, эки кыздын жанына барып отуруп, таанышып калдык. Алар Герцен атындагы педагогикалык институтунун чет тили факультетинин 2-курсунун студенттери экен. Алардын бири Таня менен жакшы дос болуп калдык. Музейлерди, архитектуралык жана тарыхый эстеликтерди дем алыш күндөрү кыдырып, талбай изденип, искусствону таанышыма түрткү болгон ошол Таня. Аябай ынтызар, ар тараптуу кыз болчу. Таня менен бальный бийге барып калдым. Конкурстарга илинип, жеңип дагы жүрдүк.

***– Фрунзеге келгенде Таня менен байланышып турдуңуздарбы?***

– Мен аспирантураны бүткөндө, ал 5-курста окуп жаткан. Биз жакшы достордон элек. Кийин практикасын Германиядан жактады, белгилүү журналдарга макалалары жарыяланып турду. Үй-бүлөм болгондугуна байланыштуу кийин көп кабарлашкан жокпуз. Менин өнүгүүмө салым кошкон жакшы жолдош катары унутпай жүрөм.

Ленинградда 3 жыл окуп, 1965-жылы кайрадан Фрунзеге келдим. Келген соң дароо политехникалык институтка жиберишти, себеби, окууну бүткөн соң эле мени ал жакка мугалим кылып калтырышкан. Бирок, квартира алайын деген максат менен окуу жайда бир жарым жыл иштеген соң, Кыргызэнерго ишке кирип, 6 айдын ичинде квартира алып, Ленинградка кеткен элем. Ал убакта квартира алыш абдан чоң иш катары саналчу.

***– Агай, ушул жерден тактап коёлу, квартира маселеси кыргыз улутундагылар үчүн гана кыйын болгон да туурабы?***

– Туура. Ошентип Ленинграддан келип кайрадан мугалим болуп эмгектене баштаганда окуу жайдагы кыргыз студенттерге бий үйрөтүү максатында бий ийримин ачтым. Энергофактын студенттерин чакырдым. Музыка ойноп бере турган музыкант жок болгондуктан, ары ойлоп, бери ойлоп алгачкы сабакта ыр үйрөтөйүн деп, 3 саат ичинде 2 хор үйрөттүм. Аларда музыкага болгон кызыгуу жаралды. Көп үндүү хордо ырдоо чоң жетишкендик эле.

2-3 күндөн кийин студенттер хор түзөлү деп сунуш киргизип, энергофактын балдарын жана технологиялык факультетинин кыздарын чогултуп 120 (70 кыз, 50 эркек бала) адамдан, жалаң кыргыз улутунан турган хор түзүлдү. Өздүк көркөм чыгармачылык фестивалында райондон, шаардан жана республикадан да биринчи орунду алдык. Биздин хорду музыкалык билими бар кыз-

дар хорун жетектеген Ташкенттен хор боюнча окуп келген Топчубек Тургуналиев жана Малдыбаевдин улуу баласы куттуктаган жайы бар.

Негизи биздин хорго чейин институтта жалпы хор болгон экен. Курамда 2-3 кыргыз бала жана жалаң орус улутундагылар. Биздин хор түзүлгөндө кыргыз балдар бизге келип, ал хордун катышуучулары азайып калып, ректорго Алымкулов баардык кыргыз студенттерди алып кетти деп арызданышкан экен. Ошондон кийин ректор мени орус хор даярданган залына чакырды, бардым. Хор даярданып жаткан экен, мени баарынын алдында ректор Сухомлинов "улутчул" деп атады. Эмне кыларымды билбедим, сөз кайрыбадым. Бирок, буга наараазы болуп, ал жактан чыккан соң шаардык горисполкомдогу маданият бөлүмүнүн жетекчиси кыргыз келин эле, ага келип болгон ишти айттым, унчукпай укту. Мен кеткен соң, эртеси күнү ал ошол учурдагы шаардык искусство бөлүмүнүн башчысынын орун басары Сакен Бегматовага айтыптыр. Сакен Бегматова ректор Сухомлинов Георгий Акимовичти чакырып: "Кыргыз маданиятын кыргыз тилинде өнүктүрө албай жатканда, сиз искусствого салым кошуп, акысыз иштеп жаткан ыштемчил Алымкуловду тилдеген экенсиз" деп эскерткен экен. Кийин мен аны агартуу министри Каниметовдон уктум. Бул 1966-жылы болгон. Ошол окуядан кийин мендеги таарыныч жазылды.

***– Демек, ошол компартиянын каардуу заманында да Сакен Бегматовадай кайраттуу мекенчил жетекчилер болгон экен да…***

Албетте, аз да болсо болгон. Ал эми 1967-жылы Октябрь революциясынын 50 жылдыгы болуп, Политехникалык институттун маңдайында "Мир" кинотеатры курулуп, ачылды. Мен ошол кинотеатрдын артындагы Шота Руставели көчөсүндө жашачумун. Ал кинотеатр кийин комсомолдук кеңеште менин берген сунушум аркылуу «Манас» аталды. Буга да көп аракет жумшалды.

Мен жаратылышымда улутчул эмесмин, баардык улутту бирдей көрөм. Болгону кыргыз улуту башка улуттардай өнүгүүсүн самадым.

Ошол жылы Москвага илимий стажировкага кеттим. Ошонун алдында институттун окуу боюнча биринчи проректору Рахим Усубакуновдун жогорку математика боюнча кыргыз тилиндеги окуу китебинин биринчи тому чыккан. Ал убакта кыргыз мугалимдер аз эле. Көпчүлүгү орус тилдүүлөр. Жалпы 1000 мугалим болсо, 30у гана кыргыз. Рахим Усубакунов дайым кыргыз мугалимдерин колдогон. Кыргыз тилинде китептерди чыгарып, кыргыз тилинде окутуу ыкмасын жактаганы үчүн Рахим Усубакуновду парткомдон кодулай башташкан. Иштен бошотулсун деген буйрук дагы чыккан экен. Башка окуу жайларында дагы билим берүүгө уруксаат жок деген бөлүк бар экен. Анан мен жетектеп жүргөн хордун балдары, башка окуу жайлардын балдары менен байланышып, ноябрда Усубакуновду колдоп чыгышкан. Ал убакта мен Москвада элем. Политехникалык институттун алдына чыгышкан, милициялар келсе, алардын эки машинасын коңторуп, өрттөп жиберишет. Түн ичинде дагы тарашкан эмес, эл көп болгон. Өрт өчүргүчтөр келип суу чачат, тарабайт. Түнкү саат экиде ректор Сухомлинов келип, өрт өчүрүүчү машинанын үстүнө чыгып, элди тынчтанууга, тароого суранып чакырган. Анан тарашкан, бирок КГБ баарын элдин арасында жүрүп жазып, эртеси күнү камай баштайт. Мага ошол тапта 4-курстун студенти байланышып, сиз Москвада болгонуңуз жакшы болду, сизди биринчи камамак деп айтты. Себеби, хордун балдары уюштуруучулар. Ал эми хордун жетекчиси – мен. Ошол окуя ошону менен бүттү.

1968-жылы мени декан кылып дайындоо тууралуу буйрук чыккан. Ошол убакта Германиядан 10 чакты кишиден турган туристтик группа келген. Алар менен "Ала-Тоо" мейманканасында (азыркы темир жол жакта жайгашкан) отуруп таанышып калдык. Үйгө козу союп, конокко чакырдым. Төрдө илинген комузду көрүп кызыгышты, чертип бердим. Алар, «Кайдан комуз күүлөрү жазылган пластинкаларды тапсак болот» деп сурашты. Эртеси комуздун күүлөрү жазылган пластинкаларды ж.б белектерди алып, аларды узатууга катыштым.

Мунун баары КГБга мен чакырган котормочу аркылуу жеткен. Көрсө, ал КГБнын тыңчысы экен. Алар кетери менен мени декан кылып дайындоо жөнүндө буйрук жокко чыгарылган. Ошону менен декан болбой калдым.

***– Кийин алар менен байланышкан жоксузбу?***

– Бизден кеткен соң Ташкент, Ашхабад, Москвага барып, ошол жактардан телеграмма жиберишкен. Москвага барганда дагы белек салып турушкан. КГБнын менин изиме түшкөнүн билген соң, байланышты өзүм токтоткам. Мен жөн гана кыргыз элинин жашоосун, маданиятын конокторго көргөзгүм келген. Аларда да, менде да жаман ой болбогон.

1968-жылы академик Ж. Алышбаев "Чоң Нарындын көйгөйү" (Проблемы большого Нарына) проект, союздук программасын сунуштаган. Азыр Кыргызстанда Кара-Кеченин көмүрү, 20 станция куруу боюнча айтылып жатат. Мына ошонун баары жогорку эмгекте жазылган маселелер. Бирин да өзгөртпөй, баарын ишке ашырабыз деп, турушкан чак. Эгер баары ишке аша турган болсо Кыргызстан гүлдөгөн мамлекетке айланат.

Алышбаев Кыргызсовет энциклопедиясынын башкы редакциясын ачып, мени жумушка чакырды. Менимче, ал киши менин терминология менен алектенип жүргөнүмдү билип, иш сунуштаган.Техника, математика, физика, химия деген төрт багыт боюнча бөлүмгө башчы болдум. Адегенде бардык багытта сөздүк түзүү талабы жаралды. Биринчи, 1969-жылы техника боюнча сөздүк түздүк. Мында 6 томдук энциклопедия чыгарабыз деп, план койгонбуз. 6 томго 30миңден ашык макала кириш керек экен, анын 3миң макаласы техника боюнча болду. Ошол 3миң макала менин колумдан чыкты. Бул көп эмгекти талап кылды.

1970-жылдары Азербайжандын академиги Эфендизааде мага байланышып, автоматтык башкаруу боюнча сөздүк чыгарууну сунуштады. Сунушту кабыл алдым. Англисче, орусча, азербайжанча, кыргызча, өзбекче, түркмөнчө – алты тилде сөздүк иштеп чыктык. Бул эмгекти жаратууда Ташкент, Баку ж.б жерлерди кыдырдык. Бул китеп чыккан соң, 1972-жылы Австриянын Вена шаарындагы "Дүйнөлүк стабилдүү сөздүктөрдүн" фондуна кабыл алынды. Сыйлыктарга дагы көрсөтүлдү. Түрк тилин дагы кошуу тууралуу сунуштар түштү, бирок, убагында аткара алган жокпуз. Союз тараганда дагы которууга мүмкүнчүлүк болбоду.

Жогорку эмгек менен бирге автоматика боюнча дагы сөздүк түздүк. Жалпысынан алганда 40тан ашык китеп чыгардым. Орус тилиндеги окуу материалдарын да кыргызчага котордук. Техника кызматкерлери менен биргеликте "Атоолордун кыргызча-орусча сөздүгүн" иштеп чыктык. Техника, электроника жана экономика багытына токтолуп көп эмгектерди чыгаргам. Китептерден тышкары жалпы өмүр баянымды камтыган "Сүрөттөрдөгү жашоо" (Жизнь в фотографиях) аталышындагы автобиографиялык китеп чыкты.

***– Атаңыз репрессия курмандыгы болгонбу? Кайсы кызматта иштеген?***

– Ооба, Сокулук районунун биринчи ревкому болгон, шаарда, Нарында жогорку кызматтарда эмгектенген. Ал 1938-жылы 14-январда атылган экен. Мен бир айдан кийин 13-февралда төрөлгөм. Эл душманынын баласы аталгам. Беш бир тууганмын. Бир тууганадарымдын, балдарымдын баары жогорку билим алышты. Дайым бири-бирин колдоп келишет.

***–Акырында, бүгүнкү тил маселесине кайрылсак…***

– Кыргыз тили өспөй жатканын айтышат. Бирок, кантип өспөйт, өсөт. Кыргыз тилинде сүйлөгөн элеттеги, айылдагы эл бар. Алар кыргызча сүйлөйт, анан эле кыргыз тилин толук кандуу билбеген бийлик өкүлдөрү, депутаттар кыргыз тилинде сүйлөйлү, кыргыз тилин өстүрөбүз дейт. Бардыгы – оңолуу да же жоголуу да ошол жогорку бийлик деңгээлинен байкалат. Тажрыйбалуу жетекчи Каныбек Осмоналиев башкарган Мамлекеттик тил комиссиясы конституциялык мыйзамдын жаңы долбоорун ЖКга сунуштады, аны эл депутаттары колдоду, өлкө Президенти кол койду. Дагы эмне керек? Кылчактабай, жаңыча, чечкиндүү иштөө керек. Кыргыз тили бир гана сүйлөгөндөн өспөйт, тилге башка тилдерден кирген сөздөр менен сөз фондусу кеңейсе, ошондо гана өсөт. Андан сырткары, кыргыз тилиндеги макал-лакаптар терең философиялык ойлорду камтыйт. Башка улуттарга биз тилибиздин өзгөчөлүгүн баса белгилеп көрсөтүшүбүз зарыл.



**Жазып алган**
**Бактыгүл ӨМҮРАЛИЕВА**

# ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВДУН ОН ЭКИ КЕРЕМЕТИ





Каныбек **ИМАНАЛИЕВ**

*Залкар жазуучу Чыңгыз Айтматовдун чыгармалары эмнеси менен айырмаланып турат. Адегенде ушуга токтололу.*

Эң ириден жазуучу жазуучунун башкы каармандары тарыхый инсандар эмес, алар карапайым адамдар: Толгонай, Танабай, Сейде, Дуйшөн, Эдигей, Казангап,Арсен ж.б. Алар биздин арабызда эле, анчейин балким билинбей жүргөн каармандар. Бирок адам баласынын башына иш түшүп сынала турган учур келгенде алар абийир, намыс жана бийик адамдык касиеттерин көрсөтүп, адам деген улуу атты бийик туткан инсандар болуп чыга келишет. Чыңгыз Айтматов залкар сүрөткер катары көпчүлүк баамдай билбеген жагдайда жөнөкөй адамдагы улуу сапаттарды таба билген. Анын айрым адабий каармандары кандайдыр бир деңгээлде тарыхый каармандай таасирге ээ. Башкача айтканда, Айтматов айылдык карапайым кыргыздардан бүткүл дүйнө тааныган кыргыздарды жаратты, маселен, Танабай менен Толгонай эне.

**Экинчиден,** Чыңгыз Айтматовдун көрөгөчтүгү. СССРдин 70 жылдык тарыхында адабият тармагы социалисттик реализм принцибине таянып не деген гана поэзиялар, прозалар жазылбады. Тилекке каршы, алардын дээрлик көбү бүгүн окулбай калды. Бир эле партиянын, бир эле режимдин, бир эле өлкөнүн идеологиясына кызмат өтөгөн адабият катары унутта кала берди.

А Чыңгыз Айтматовдун негизги чыгармалары совет заманында жаралса да, алар бүгүнкүдөй маанилүү. Анын кеменгерлиги - кечээкини бүгүн көркөмдөп айтып бергендигинде гана эмес, эртеңкини да көрө билгендигинде. Окурман үчүн көп чыгармалары улам жаш өткөн сайын жаңы өңүттөн өзгөрүп турат. Маселен, «Гүлсаратты» биз бала кезде жылкыга кызыгып окучу элек, жаш кезде махабат темасы кызык болду, 90-жылдары дагы бир окуп, бүтүндөй коммунисттик доордун портретин көрдүк. Бара-бара жаш өткөн сайын мен үчүн Э.Хемингуэйдин «Чал жана деңиз» чыгармасына окшоп барат. А.Твардовский: «Пушкиндин генийлиги – ал бизге бала кезде келет, ал эми биз аны улам жаш өткөндө түшүнөбүз» деп айтканы калетсиз кеп эмеспи.

**Үчүнчүдөн,** адам жана жаныбар. Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларында жаныбарлар: Бугу эне, Гүлсары, Акбара менен Ташчайнар, Каранар же Жаабарс, Кремлдеги Үкү чыгармада башкы каарман катары катышат. Алардын да адам сыяктуу бул дүйнөдө жашоого акысы бар… Гүлсарынын өмүрү - бүткүл бир коммунисттик доордун өмүрү. ...Акбара менен Ташчайнардын өчү – табияттын өчү… Бугу энени баланы сактап калышы - адамзаттын табияттан көз карандуу экендиги… Ал эми Дөнөнбай ак куштун чакырыгы – жети атаңды биле жүр дегени… Эне-Бейиштин тикен зым менен курчалганы – Советтик системанын кудайсыз калгандыгы… Акбара менен Ташчайнар, же кечээки эле Жаабарс аркылуу не бир терең жана эскертүү коңгуроосу кагылып жатпайбы…

**Төртүнчүдөн,** албетте, бул согуш темасы. Чыңгыз Айтматов ошол согуш доорунун дүйнөлүк деңгээлдеги эң көрүнүктүү жазуучусу. «Эрте келген турналар», «Бетме бет», «Жамийла», «Саманчынын жолу» дээрлик согуш темасына арналган. Бирок ал согуштун жексурлугун согуш талаасындагы кырчылдашкан кандуу салгылашуу менен эмес, бир октун үнү угулбаган тылдагы адамдын гана трагедиясы аркылуу укмуштай көркөм айтып бере алган. Бир эле маселен Толгонай эненин монологу - бул Шекспирдик деңгээлдеги улуу трагедия. Эң кызыктуу парадокс. Дүйнөдө Чыңгыз Айтматовдун эң көп окуган эл немис эли, «Жамийла» китеби эле 37 жолу кайра-кайра жарык көргөн. Орустун улуу жазуучусу Л.Толстой: «Адабияттын негизги озуйпасы адамдын өзүн тынчтыкты жана өмүрдү сүйүүгө үйрөтүү» деген. Бул миссияны Айтматов өтө чеберчилик менен аткарды.

**Бешинчиден,** географиялык чексиздиги. Чыңгыз Айтматовдун чыгармалары Таластын Шекер айылынан башталып, кыргыздын тоо-ташын аралап өтүп, казактын улуу талаасын, Сары-Өзөктү аралап, Орусиянын уулу калган түндүк элдеринде, Охот деңизинде, Москвада Кремлде, Германиянын шаары Гейдельбергде, океандын үстүндө, аягы келип космосто уланат. Айтматовдун чыгармаларында Азиянын тоо-талаалары менен Европанын шаарлары кошо камтылган.

Окуя бирде арабада өтсө, бирде поездде, бирде самолетто өтөт. Адамдан адамзатка, Бугу-Энеден Иисус Христоско, Шекерден космоско чейинки аралыкты камтый алган Айтматовдун кемеңгерлигине дагы бир жолу таң бересиң. Чыңгыз Айтматов планетардык масштабда ой жүгүртүүгө жетишкен дагы бир өзгөчөлүгү мына ушунда болсо керек.

**Алтынчы** өзгөчөлүк, миф жана реалдуу жашоо. Чыңгыз Айтматовдун чыгармалары «Ак-кемедеги» Бугу эне жомогунан башталып, Найман-эне, «Жетөө жана бирөө» грузин легендасы менен уланып, акыркы «Сардал кызга» чейин улам бир чыгармада улам жаңы икая толуктап, коштоп, параллелдүүлүк өркүндөп жүрүп отурат. Жомок менен реалдуу турмуш үзөңгүлөш жүрөт, айрыкча «Кылым карытар бир күн» чыгармасындагы Понтий Пилатка байланышкан окуялар же болбосо Чыңгызхандын ак булуту. Же башкача айтканда икая, баян же притча бу чыныгы жашоонун балалык, аруу кези сыяктуу туюлат. Ошондогу эле каармандар бүгүнкү жашообузда биз менен бирге жүрүшөт. Жомок жаралгандан бери не бир кылымдар өттү, не деген цивилизациялар өзгөрүп, не деген технологиялар революция болду. А бирок, адамгерчилик революциясы боло элек. Тескерисинче артка кеткен жокпуз бу деген ойго салат.

Шекспирдин доорунан бери не бир кылымдар өттү. Бирок, адамдын ниети өзгөргөн жок го.

**Жетинчи,** тема, бул сүйүү темасы. Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларындагы өзгөчө жалындаган тема бул - албетте сүйүү темасы. Жөнөкөй адамдардын сүйүүсүндөгү сүйүү жана аруу сезимдер: Асел менен Ильяс, Мырзагүл менен Султанмурат, Данияр менен Жамийла, Раймалы менен Бегимай, Эрдене менен Догулан. Же өтө этият, эч бир кол тийе элек бийиктеги гүл сымал булгана элек Танабай менен Бүбүжандын, Эдигей менен Зарипанын мамилеси не деген керемет сезимдер.

Махабат темасы - адамды ал бийик турган эң бийик аруу сезим катары сүрөттөлөт. Азыркыдай жеңил, шоу сүйүү улуу жазуучу үчүн жат тема. Адамды сүйүү, бул жашоону, табиятты, сулуулукту, өмүрдү сүйүү касиети менен улам бийиктеп отурат.

**Сегизинчи,** айырмалап турган тема, бул - адеп-ахлак темасы же жан дүйнө экологиясы. Айрыкча Момун чал менен бала, Дүйшөн менен Танабай, Толгонай, Орган карыя менен Эдигей, Сейит менен Сейде, Казангап менен Арсен, Бостон менен Авдий Каллистратов, Филофей адамды адам бойдон калууга үндөп турган каармандар. Ошол эле учурда Орозкул, Базарбай, Сабитжан, Эрташ Курчал, Ташафгансыз аталган чыгармаларды элестетүү мүмкүн эмес.

Ак менен кара, күн менен түн, сүйүү менен жек көрүү, күлүк менен кашаң, бала менен чал (же эне) Айтматовдук темада дал турмуштун өзүндөй болуп дайым эриш-аркак жүрөт. Демек, эң ириде биз адамбыз, адамзатпыз. Адам-заттын эң улуу озуй-

пасы – укумдан-тукумга тирүүлүктү сактап калуу. «Саманчынын жолундагы» же «Деңиз бойлой жорткон ала дөбөт» чыгармаларынын финалы баланын аман калышы менен аяктайт. Демек, улуу тирлик көчү уланып жатат деген кеп го. Айтматовдун ар бир чыгармасында өмүрдүн кереметтигин даңазалоо менен бирге: «Адамдар, адамдыктан кетпегиле» деп, көр дүйнөдөн жан дүйнөнүн бийик экендигин айтып, маңкурт болуудан сактап калууга чакырык жана «Жамандык кылба», «Адам бол» «Уурулук кылба», «Ушак айтпа» деген осуяты биздин кулагыбызга коңгуроо сымал угулуп тургандай. Адамдын жана адамзаттын жашоодогу парзы эмне деген суроого жооп издейт. Айрыкча, соңку «Тоолор кулаганда» чыгармасындагы «Өлтүрбө» деген сөз диний китептердеги насаат кеп сыяктуу туюлат.

**Тогузунчу** жагдай, эки тилде жазган залкар жазуучу. СССР убагында өз эне тилинде жана орус тилинде бирдей жазган, В.Быков, И.Друце, Р.Ибрагимбеков, Т.Пулатов сыяктуу акын-жазуулар өтө сейрек болгон. Айтматов өзү теги кыргыз болуп туруп, орус тилинде Ф.Достоевскийдин деңгээлинде жаза билгендиги көп орус интеллектуалдарын тамшандырган. Манастын тили менен орустун тилин бирдей билген балким Айтматов ааламдагы жалгыз кыргыз болсо керек.

Кыргыз жана орус тили Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларын бийиктикке көкөлөткөн эки канат сыяктуу. Эки тилде бийик чеберчиликте жаза билген залкар талант. Чыңгыз Айтматов өз чыгармалары менен кыргыз тилинин эбегейсиз көркөм тил экендигин ачып берди. Балким, көпчүлүк баамдай бербесе керек, 1980-жылдары «руханият», «инсан» жана «маңкурт» деген сөздөр көбүнесе Чыңгыз Айтматов аркылуу таркаган. Айрыкча, «маңкурт» бүгүнкү күндө орус, англис, немис, кытай, араб ж.б. дүйнөлүк тилдерде котормосу жок «маңкурт» эле болуп которулат. Анын чыгармалары карапайым адам менен интеллектуал академикке бирдей түшүнүктүү.

Чыңгыз Айтматов ал кездеги «Новый мир» журналынын башкы редактору Александр Твардовскийди өтө сыйлап, ал эми улуу жазуучу М.Достоевскийдин чыгармачылыгын эң бийик баалаган.




**Онунчу** өзгөчөлүк, кыргыздын жан дүйнөсүн ачып берген улутман сүрөткер. Мисалы, Танабай бир эле кыргызга эмес, башка улуттагыларга да бирдей, түшүнүктүү. Танабай, Толгонай, Момун чал, Эдигей, Дүйшөн - булар кыргыздын жан дүйнөсүн ачкан таасын образдар. Түпкүлүгү улуттук руханий суверенитетке умтулуу темасы камтылган. Маселен, «Кайрылып куштар келгиче» аңгемесинде улуу «Манас» эпосуна болгон чакырык камтылган. СССР доорунда эле кыргыздын байыркы тарыхы Энесайга байланыштуу экенин эң алгач айтып чыккан жазуучу Ч.Айтматов болгон.

Дегеним, кыргыз эли сөздөн бүткөн эл. Кыргыздар гана ымыркай төрөлсө «бата» берип, сөз менен тосуп алат, «бешик ырын» ырдап сөз менен сооротот. Жылкы кайтарса, үрөн сээп, эгин эксе, ашык болсо баарын ырдап, сөзү менен билгизет. Жоого аттанарда сөз менен ант берет. Өлгөндө да сөз чыгарып, кошок кошуп узатат. Андан да сөз менен жаан жаадырып, сөз менен адамды оорудан айыктырат. Өзүнөн алда канча саны көп жоо менен чабышканда, кырылып жок болуп кетээрде сөз менен кайра тирилген элбиз. Сөздү кылыч кылып, сөз менен «Улуу кыргыз сепилин» курган элбиз. А болбосо океан сымал «Манас» кайдан жаралмак эле. Чыңгыз Айтматовдон «Эгерде өз улутундагы эң улуу адамдардан кимди билесиң деп сураса, мен эң ириде Саякбай Каралаевдин ысымын айтмакмын» деп жооп берип атпайбы. «Манас» эпосу кара сөз менен адегенде Чыңгыз Айтматовдун демилгеси боюнча Кеңеш Жусупов жана Ашым Жакыпбеков тарабынан жазылганын унутпасак…

1984-1985-жылдары 400-450 миң калк жашаган Фрунзе шаарында бир эле кыргыз мектеби бар экенин, ал эми Токмок шаарында деги эле кыргыз мектеп жок экенин, бир орус жашабаган Нарын облусунда гезиттин аты «Нарын правдасы» деп аталганын эң ириде Чыңгыз Айтматов элге ачык айтып чыккан.

**Он биринчи,** ал кыргыз руханиятында «Айтматовиада» дүйнөсүн жаратты. Башкача айтканда кыргыз адабияты гана эмес, кыргыз театры, кино өнөрү, опера жана балет өнөрү, хореография, живопись, көркөм сүрөт өнөрү, музыка, скульптура, деги эле улуу жазуучунун чыгармаларынан таасир албаган бир да өнөр тармагы калбады. Улуттук кино дүйнөдө «кыргыз керемети» даражасына ээ болду. Жазуучунун чыгармаларынын негизинде эле 20дан ашык көркөм фильм тартылган. Улуу таланттар Т.Океев, Б.Шамшиев, С.Чокморов, С.Күмүшалиева, Б.Кыдыкеева, К.Молдобасанов, Д.Садырбаев жана башка таланттар эң ириде Чыңгыз Айтматовдун чыгармалары аркылуу бийиктикке чыгышты. Чыңгыз Айтматов аркылуу улуттук маданият менен искусствобуз жалпы дүйнөлүк деңгээлге көтөрүлдү.

**Он экинчи** айырмачылык, Айтматовдук айкөлдүк. Лениндик сыйлыктын ээси, Социалисттик эмгектин Баатыры наамына ээ болгон соң Чыңгыз Айтматов көп аты билинбеген жазуучулар менен авторлош болуп (мисалы жапон философу Дайсаку Икэда, казак драматургу Калтай Мухамеджанов, казак акыны Мухтар Шаханов), алардын да ысымдары дүйнө окурмандарына кеңири тарады. Бул Чыңгыз Айтматовдун айкөл мүнөзүнөн кабар берет. Ал эми «Деңиз бойлой жорткон ала дөбөт» чыгармасын эң аз сандагы нивх элинин али көпчүлүк тааный элек жазуучу В.Сангиге арнаган.

Кыргыз сүрөткери Чыңгыз Айтматов аалам алптары А.Пушкин, У.Шекспир, О. Де Бальзак, В.Гюго, Г.Гете, Вольтер, Ф.Достоевский, Л.Толстой, Э.Хемингуэй сыяктуу улуу бийиктиктеги жаратман экенин бүгүн аңдабасак да эртең моюнга аларбыз.

Дүйнөдө болгону саналуу эле империя болгон. Аны саналуу эле элдер курган. Алардын бири - биз, кыргыздар. Биздин ата-бабалар IX-X кылымдарда эле «Улуу кыргыз каганатын» курушкан. Тиягы Байкал, быягы Кашкарга чейинки чөлкөмдү бийлеп, улуу кыргыз доору жүргөн. Эми эртедир-кечтир, замандын бир заманында кай-радан бир империя курушубуз керек эле. Доор өзгөрдү. Артыкчылыктар өзгөрдү. Нарк өзгөрдү. Демек, аскерий эмес, башкача каганат курушубуз зарыл болчу. Биз аны кура алдык. Бир эле улуу сүрөткер Чыңгыз Айтматовдун кудурети менен гана. Ал аскерий же экономикалык империя эмес, ал нукура руханий каганат. Бул каганат сөз касиетинен курулду. Себеби Чыңгыз Айтматовдун чыгармалары 150 өлкөдө 100 миллиондон ашык нуска менен жарык көрдү. Окумдуулугу боюнча дүйнөдө У.Шекспирден, Лев Толстойдон кийинки үчүнчү орунга чыкты. Кимде ким Айтматов аркылуу кыргыз жан-дүйнөсүн таанып, биздин кыргыз элибиз жөнүндө жакшы ойдо болсо мен анын баарын кыргызстандык деп эсептейм.

Аз сандагы элдерден дүйнөдө Чыңгыз Айтматов сыяктуу кемеңгерлер сейрек жаралат. Сегиз миллиард чамалаш дүйнө калкы. Арасында алакандай 6 миллион кыргыз эли, өтө чаканы кумшекердин бүртүгүндөй болуп. Анан дүйнөнүн алп жазуучусу ошол кичинекей кыргыз элинен болуп атпайбы. Бу не деген улуттук сыймык.

Биз, акыркы 1000 жылда Манасты жаратып, улут болуп сакталып калсак, соңку 100 жылда Айтматов аркылуу дүйнөгө таанылдык.

Кыргыздын жери керемет. Тарыхы керемет. Тоосу керемет. Суусу керемет. Манасы менен Айтматову керемет. Ушул кереметтерди бийик тутуп Айтматовменен Манасты окуган сайын улам арууланып, кыргыз экенибизге моокумубуз канбай, улуттук намысты туу кылып өмүр көчүн улай берели, ардактуу мекендештер.

**«Менин элимдин көсөмдүгү" китебинен алынды.**



# Тынчтыкбек НУРМАНБЕТОВ



**Редакциядан:** Таланттуу акын, таанымал агартуучу Тынчтыкбек Нурманбетов 10-мартта торколуу 70 жашка чыкты. Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин ардактуу профессору, Женевадагы Бүткүл дүйнөлүк интеллектуалдык менчик уюмунун Алтын медалынын ээси, "Кырчын" журналынын башкы редактору Т. Нурманбетов дээрлик 50 жыл талыкпай үзүрлүү эмгектенген кайраттуу калемгер. Ал калайык-калкыбызга күлүктүн кашкасындай таанымал чыгармачыл инсан. Т. Нурманбетов өзүнчө акындык тагдыр күткөн, чыгармаларында өзүнүн жеке "менин", өз акыйкатын, өз сезим-туйгусун жашырбай жаза алган зирек акын. Анын чыгармаларында адам тагдырынын поэзияга айланышы, акын тагдырынан жаралган жан диалектикасы эриш-аркак берилген. XXI кылымда көркөм адабият дил сырларды төгүү, адамдын жан дүйнөсүндөгү уйгу-туйгуларды жаап-жашырбай ачып берүү этабына кирди. Бул өңүттөн алганда да калемгердин чыгармалары мезгилдин талабына төп келген, дүйнөлүк адабий процесстердин өнүгүшүнө шайкеш келген бараандуу көрүнүштөрдүн бири деп белгилөөгө болот.

Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык, интеллектуалдык жана маданий потенциалын өнүктүрүүгө олуттуу салым кошкондугу, ошондой эле чыгармачыл ишиндеги чоң жетишкендиги үчүн Нурманбетов Тынчтыкбек Асанкуловичке "Кыргыз Республикасынын эл акыны" деген ардактуу наам ыйгарылган. (2022-жыл)

Акындын адабият айдыңындагы көп жылдык түйшүктүү, машакаттуу изденүүлөрүнүн акыбети кайтышы менен, кутман курак 70 жашка толгондугу менен куттуктап, жаңы чыгармаларын окурмандарга сунуш кылабыз.

## Тагдыр ыры

*Эл акыны наамын сатып албайм,*
*Бетпактарга жагынып жакын барбайм.*
*Бешенеме буйруган ырыскым -ыр,*
*Көкүрөккө жашырып катып албайм.*

*Эл акыны болом деп жүгүрбөдүм,*
*Элден асти жүз үйрүп түңүлбөдүм.*
*Эрте-кечпи күн келет кубандырган,*
*Эргип-оргуп ыр жазып күжүлдөймүн.*

*Эл акыны болууга акым барбы?*
*Элим барктайт ээлтен акындарды.*
*Эй,жарым эс!Жаның жеп кылтылдаба,*
*Мезгил соттойт сага окшош саткындарды.*

*Эл акыны болоордо "жолум" болбой,*
*Эл акынга сунуштап,колун койбой.*
*Бир кашайгыр кашайтты өчү бардай,*
*Бир мен үчүн Ак үйдөн колдоо болбой.*

*Эл акыны боломбу,көзүм барда?..*
*Эл сыйына арзыдым сөзүм барда.*
*Ташты тешкен көз жашым-тапкан бактым,*
*Тагдыр ээси Жараткан өзүң жалга!*

*Эл акыны боломбу,болбоймунбу?*
*Эл сынына толомбу,толбоймунбу?*
*Эгем берген тагдырды ырга айлантып,*
*Эч урагыс эстелик койбодумбу?!*

**05.01.22**

## Кара деңиз кайрыктары

*Көзгө сүртүп туздуу суусун ырымдап,*
*Кубанычым сыйбай турду ичиме.*
*Кара деңиз сан кылымды карыткан,*
*Сыйып турду жүрөгүмө кичине.*

*Тагдыр экен, күтүүсүздөн туз буйруп,*
*Кара деңиз, жолугуштук бетме-бет.*
*Кара деңиз, кайрып бердиң шыгымды,*
*Кылыктанган кыз баладай эркелеп.*

## Эне тилим

*Эл туруп эне тилин унуткан бар,*
*"Эл безер" атка конуп куруткан бар.*
*Эненин сүтүн эмип, тилин билбей*
*Эненин сай-сөөгүн сыздаткан бар.*

*Элинин элдигине башын ийбей,*
*Эненин тилин билбей, дилин сүйбөй.*
*Эргулдар көбөйдү го көктөн түшкөн*
*Эли үчүн, энеси үчүн жаны күйбөй.*

*Камчы чаап абийириме айтпайм жалган,*
*Кыргыз бар кыргыз тилин билбей калган.*
*Кайгы жок каран калгыр мындан өткөн,*
*Билгенге мындан оор болбойт арман!*

*Эне тилдин тагдырына жаны ачып,*
*Эне тилдин тазалыгын талашып.*
*Тилдин тилге тийбестигин залалы*
*Чыңгыз агай түшүндүрдү жаны ачып.*

*Өгөө болуп өгөй берет дайыма,*
*Күндүр-түндүр тынчтык бербей жаныма.*
*Эки дүйнө унутууга акым жок,*
*Эне тилди сиңген каны-жаныма!*

*Эне тилим эчен кылым карытты,*
*Күбө тартам күжүлдөгөн тарыхты.*
*Кыргыз эли эчен кыйын кезеңде,*
*Кыл чайнашып, кылыч сууруп чабышты.*

*Эне тилим эчен кылым картыкан*
*Эч ким аны өчүрө албайт тарыхтан!*
*Кыргыз тили – эстелегим урабас,*
*Кеткенимде келбес жайга жарыктан.*

## Собол

*Эмне таптым, а эмнени жоготтум?*
*Кумдай чачып коротпосту короттум.*
*"Быш"дей түштүм дөңгөлөктөй жарылган,*
*Карылыкты келбей жүрүп тоготкум.*
*Өтөөр,кетээр жалган дүйнө бапасыз,*
*Коломтодо өчпөсө экен чогу оттун.*

*Өмүрүмдө:ак-караны көп көрдүм,*
*Баалап,бакпай ай-жылдарды өткөрдүм.*
*Тарта берип көр турмуштун запкысын,*
*Бара-бара бөксөргөндөн бөксөрдүм.*
*Кадыр билбес кашайгырдын айынан,*
*Азап чегип,жаным кыйнап,өкчөлдүм.*

*Кээде өзүмдү айыптадым,жектедим,*
*Чектен чыгып,чамгарактап көппөдүм,*
*Төшүм кагып төр тарапка өтпөдүм.*
*Чындык үчүн тике туруп чыркырап,*
*Жанын жеген кытмырларды сөккөнмүн.*

*Неге жеттим,а эмнеге жетпедим?*
*Арак ичтим,бирок,чылым чекпедим.*
*Ийри-буйру татаал турмуш жолунда,*
*Ийленсем да эч бир чүнчүп чөкпөдүм.*
*Изин издеп аяр кыргыз атаньш,*
*Кара тоодой тоскоолдукка кептелдим.*

***

*Кара түн түшкөндө,*
*Башына элдин.*
*Каран күн калгыр,*
*Кашайып неге келдим?*
*Эгерим бир келбеген,*
*Жээгине Кара деңиздин.*

*...Окудум суук кабар:*
*"Кан төгүлдү,*
*Ошто» – деген.*
*Оюм онго,*
*Санаам санга бөлүндү.*
*Ойго келбей,*
*Ойноп күлгөн.*
*Ок атышып эки тарап,*
*Кыз алышып, кыз беришкен.*

*Оо, калың журт, агайын!*
*Кайда ынтымак – улуу ырк,*
*Алмустактан бирге келген?*
*Кан төгүүгө эмне себеп?*
*Кан төгүлдү эмнеликтен?!*

*Сурданба Кара деңиз,*
*Толкунуң жээкке уруп.*
*Ансыз да араң турам,*
*Амалым менин куруп.*
*Сыздатты суук кабар,*
*Алгандай жүрөк сууруп.*

*Элге окшоп бийлебедим,*
*Тост көтөрүп сүйлөбөдүм.*
*Жегеним желим болду,*
*Румынияда жүргөнүмдө.*
*Түк эч кимге үндөбөдүм,*
*Оюн-зоокко чаппай көөнүм.*

*Каралдым, Кара деңиз,*
*Кайгырып турган чагым.*
*Жээгиңде турган менен,*
*Жеримде менен жаным.*
*Кулагым такыр укпайт,*
*Калгандай токтоп каным.*

*Кулак сал, Кара деңиз,*
*Элим бар пейли кенен.*
*Сан кылым каарына*
*Кебелбей, сары майын*
*Конокко сактап берген.*
*Үч миң жыл бирге жашап,*
*Үрөйүн бузган эмес.*
*Тапканын тең бөлүшүп,*
*Түк катып көнгөн эмес.*
*Төрт түлүк бирге жайлап,*
*Жайытын бөлгөн эмес.*

*Кыргыздын сырын алган,*
*Кызыгып кынык алган.*
*Кыз тургай, жерин ээлеп.*
*Ата мурас келаткан.*
*Кыйдылар чектен ашты,*
*Беш манжасын бирге салган.*

*Каралдым, Кара деңиз,*
*Каржалды кыргыз көптөн.*
*Шаарынан үй алалбай,*
*Сүрүлүп тоого кеткен.*
*Келгиндер келе берип,*
*Ош, Бишкек толуп кеткен.*

*Кана, айтчы Кара деңиз?*
*Кайышпай кандай кылам?*
*Канчалык кайрат кылсам,*
*Кайышып кайра сынам.*
*Көңүлгө түтөк таппай,*
*Солкулдап ыйлап турам.*

# Тил жөнүндө



Шайлообек ДҮЙШЕЕВ

*Кыргыз деген элдин каада-салтты сактап келгенин билгибиз келбей калды. Кыргызды глобалдашкан жашоого “көндүргүсү” келгендер өз элин тезинен “жок кылгысы” келгендер экенин түшүнө турган эмес.*

***

*Кыргыздардын бири-бири менен орус тилинде сүйлөшкөнү эмес, орусча сүйлөгөн сайын өзүн кыргыз сезбегендиги, ошонусу менен, кыргыз тилин билбегендиги менен кадимкидей сыймыктанганы элеп-желеп болуп сүйлөп жаткан манерасынан билинип, кыргыз болгонунан качандыр бир кулдуктан кутулгандай кубанып, шерденип тургандыгы таң калтырат.*

***

*Алар орус тилинде сүйлөп жаткан менен, өзүлөрүн “оруспуз”, кыргыз “мырктардан” алда канча “билимдүүбүз” деп эсептеген менен баары бир орус тилин орустардын өзүлөрү билгендегидей билбестигин моюндарына алгылары келбейт.*

***

*Алар баары бир чала орус бойдон кала берерин билбейт.*

***

*Мына ушул кыргыздардын орус тилинин “кулу” болуп калгандыгы өкүнтөт.*

***

*Тирүү адамдардын, күчү ашып-ташып турган адамдардын башка бир элдин тилин жарамсыз, алсыз, “оорукчан”, бузулган чулдур тил менен сүйлөп жатканы жийиркентет.*

***

*Алардын тили чыныгы орус тили эмес. Анткени алар орус болуп туулган эмес. Орус болуп туулбагандан кийин, орус эненин сүтүн ээмп чоңойбогондон кийин орустун бай, керемет тилин эч качан өз деңгээлинде биле албайт.*

***

*Орусча сүйлөгөн менен мындай кыргыздар орустун менталитетин, орустун салтын да, ошол эле убакта кыргыздын менталитетин, кыргыздын салтын да билбеген арабөк жолдо жүрүп өмүрү өтөт. Мындайлардын башына эч качан өз Ата-Бабаларынын оюу келбейт.*

***

*Эгер каалоосу болсо өзүн өзү тарбиялап, кыргыз тилинде сүйлөөгө үйрөнсө болот.*

***

*Анткени Улуу Пушкин өзү моюнга алгандай, жалаң французча сүйлөп калган өзүн кайра тарбиялап, нукура элдик тилди мыкты билген нянкасы Арина Родионовнадан орус тилин кайра үйрөнгөн.*

***

*Нукура тил–тилчинин же жазуучунун эмес, элдин тили. Тил деген эл дегендин эле синоними.*

***

*Тил дегенди мектепке чейин, эрежеден эмес, энеден үйрөнүү керек.*

***

*Ошентип өткөн доордо кыргыз жигиттери эл душманы деп айыпталып, түрмөлөргө түшүп, атылып кетип жок болушса, бүгүнкү кыргыз жигиттери миллиондорду уурдап жеп айыпталып, түрмөгө түшүп, кайта миллиондорду парага берип, кутулуп кетип жок болууда.*

***

*Өткөн доордо кыргыз жигиттери элди-жерди сырттан келип басып алган душмандардан коргоп баатыр болушса, бүгүнкү кыргыз жигиттери өз элин ичтен басып алып талап-тонуп баатыр болууда.*

***

*Кыргыз деген европалыктарга окшоп “битин сыгып, канын жалаган”, энергиясын, күчүн үнөмдөп сарптаган сары эсепчил эл эместигин, кыргыз деген миң күнгө жетчү нерсесин бир күндө чачып жиберип басып кетчү эл экенин, кыргыз деген орустун токоюндай чытырман, жылчыксыз, орустун талаасындай учу-кыйырсыз кенен, көп эместигин, кыргыз деген өзүнүн жер-суусуна окшоп жайдак төш, ачык-айкын, ошол эле учурда өңгүл-дөңгүл, уңкул-чуңкул, кокту-колоттуу, буктурмалуу, ылдам өзгөрүлүп турма, бирде эңкейиштеп барып аркан бойлогус аң-чөңөккө түшсө, бирде бийиктеп, тоодон тоого чыгып олтуруп башы булутка тийип баскан жылкы кыял эл экенин Түкөбүз түшүнгөн. Кыргызды кыяматтан дал ушундай мүнөзү сактап келгенин да Түкөбүз эң сонун түшүнгөн.*

***

*Чоң элдер кыргызды өздөрүнө окшош дем алып, окшош сүйлөй албагандыгы, өздөрүнө окшош жашай албагандыгы үчүн басынтып, кемсинтип келген. Кыргыздын кыргызча жашаганын жерип, жек көрүп турган кезде “Биз деген Кудайдан кийинки эле эң байыркы элдердин бири болобуз. Биз кыргыз болуп кылымдап жашап келгенбиз. Биз силер ыштансыз жүргөн кезде темир ээритип, чагылгандын ташынан кылыч соккон элбиз. Силерге шым кийгенди үйрөткөн бизди силер айтып жашаганга үйрөтпөгүлө, керек болсо кандай жашашты бизден үйрөнгүлө!” деп чыккан кыргыз Түгөлбай болгон.*

***

*Мамлекет деген элдин ичиндеги кайнап турган күч. Мамлекет деген элдин таянар тоосу, тиреп турган тиреги болушу керек эле. Мамлекет деген баш көтөргөн балдарын, баш көтөргөн баатырын башка чапкан камчы эмес, Мамлекет деген элинин байы, бийи, манабы, кожоюну эмес, муңдашы, сырдашы болуш керек эле. Ичинде ишенер тиреги, таянар таянычы жок элдин келечеги болбойт. Таянычы жок, тиреги жок элдин ындыны өчөт, дымагы түшөт. Таянычы жок эл ындыны өчүп, басынып, чачылып олтуруп кулга айланат. “Кулда кулак” жок дегендей, кул мүнөз элди кулча жашап өткөндөн башка эч нерсе кызыктырбай калат. Кул болгон элдин калкы өздөрүнүн байына, бийине, манабына кул болсо, кул болгон элдин байы, бийи, манаптары башка элдердин байлары менен бийлерине барып кул болот.*

# Каухар Биймамат кызынын алакан оттой аңгемелери



### БААТЫР ЭНЕ

– Оо, медалыңыз көк асманга окшоп сонун экен. – Жаш келин медалга суктанды.

– Баатыр эне деп беришкен, – жашы кыйлага барган эне токтоо жооп берди.

– Оо балдарыңыз көп тура, кандай сонун...

– Ооба, шүгүр... – оозу бош сүйлөдү баатыр эне. – Көп бала деле курусун... – деп оор үшкүрүндү кайра.

– Эмнеге? – Ыраңы суу сепкендей бозоргон келин таң калды.

– Ооруп калганымда бирине бири түртө салышат мени. Соо кезимде балдарын каратышат...

### ТЫНУУ

– Ушундан көрө эрге тийип тынбайбы?! – Телевизордон олимпиада мелдешинде өлкө намысын коргоп жаткан белгилүү спортчу кызга карата айтты.

– Эмне дейсиз?.. – Жакында жогорку окуу жайга өз күчү менен өткөн кыз ордунан тура калды.

– Тынуу, кайдагы тынуу... Чоң ата, Элиза эжемди спортто машыгып... чет өлкөгө чыгарда уруксат бербей, тынсын деп күйөөгө бербединер беле. Тындыбы? Жо-ок, эки балалуу болгондон кийин эри менен ажырашып, мигрант болуп кетти.

Чоң атанын оозунан сөзү ыргыды. Чын эле ошондой болчу...

### ЖОГОТУЛГАН ЖЫЛДАР

Бүтүрүү кечесине ата-энеси жеңил машина белек алып келгенине, кубанбаган досуна таң калды.

– Ээ досум, эмнеге күбанбадың?! – Ата-энеси кеткен соң сурады.

– Ата-энем мен алты жашта, карындаштарым төрт жана эки жашта экенинде Орусияга кетишкен. Бизге ал убакта алардан башка эч ким керек эмес эле. Болгону ата-эненин мээрими керек болчу. Кийин өзүм деле таап алчу нерседен... мээрим таба албайм да…

### ЗАРЫЛЧЫЛЫК

Машинеси бензин кымбаттыгынан жүрбөй калган жигит эшигинин алдындагы булактын суусун бир ай бензин болуп калса деди кыялында.

Мунай аккан өлкөдөн келген турист бир күн ушул суу менин үйүмдө агып калса деди булакты карап

# Жылкычы чымчык

*(Аңгеме)*

**Алимжан АЛИБЕКОВ**



Таң заарда эшикке чыккан Динара көргөн көзүнө ишенбеди. Пакистандын Лахор шаарына келин болуп келгени бул жактан жылкычы чымчыкты биринчи көрүшү эле. Моюну ак ала кичинекей көгүш таранчы да андан көз албайт. Куйругун өйдө-төмөн сербеңдетип, бирде чуркап, бирде тып токтой калат...

Илгери эрте жаздагы бул келгин кушту көргөндө чоң энеси сөзсүз "Былтыр көргөн чымчыгым быйыл да келиптир!!" деп тап берип койчу. Чыт курсак балдарга чоң эне менен кичинекей таранчынын мамилеси бир кызыктай көрүнчү. Таранчы да "Чырт!", "Чырт!" деп тегеренип учуп, бир маалда көк асманды карай бейкапар жол тартчу. Чоң энеси артынан көз албай карап туруп:

– Жаныбарым келген тура! "Былтыр көргөн адамым дагы деле жүрөсүңбү?" дейт экен. Силердей кезде апаларыбыз айтчу. Көрүп калсаңар, "Былтыр көргөн чымчыгым быйыл да келиптир!" деп койгула! – дечү эзелки эрежени эске салып.

Ойносо оюнга тойбогон балалыгын, ата-бабалары чийип берген жолунан чыкпай каадалуу өмүр сүргөн чоң энесин, көркөмү көз жоосун алган Таласын, кышын-жайын чокусун аппак кар баскан бийик тоолорун, Бишкекте билим алсын деп окууга жиберген ата-энесин, курбу кыздарын, борбор шаарда калган студенттик күндөрүн эстеп, көзүнөн мөлт-мөлт жаш тамды...

Бөлмөлөш курбусу менен Эмен паркында сейилдеп жүрүшкөн. Кыйма жолдун четиндеги жыгач олтургучта коюу тармал чачтуу цыган аял олтуруптур. Бир байлам кара жолугу ага өзүнчө бир сыйкырдуу күч бергендей сезилди. Ошол жоолугун карайм деп, цыган аялдын көзүнө илинди. Кантип анын жанында болуп калганын билбейт. Курбусу экөө командирин көргөн солдаттай кара жоолукчандын ыктыярына айласыз баш ийип турушту.

– Алаканыңды көрсөтчү мага! – Цыган аялдын кызыл көздүү чоң шакеги күнгө жалт-жулт этип, темир жолдогу поезддей алакандагы сызыктар менен өйдө-төмөн тынымсыз жылып жатты.

– Ата-эне мээримине бөлөнүп көлөкөдө өсүпсүң. Күйөөгө болсо, алыс кетесиң. Өтө алыс. Көп куса болосуң. Жаныңда эки кызың жүрөт. Жолдошуң да бар. Ал өзүңөрдөн эмес. Кара түстүү жигит!

Муну укканда курбусу экөөсү чындап күлүштү. А кезде анын бирөө менен таанышам деген кенедей да ою жок болчу...

Анан арадан эки жыл өткөн соң ошол кара тору жигитке жолукту...

Лекциясына бараткан. Автобуста эл жык. Бут коёрго жер жок. Айдоочу тормозду катуу басканда ичиндегилер теңселип барып, түзөлө калышты. Динара такалуу туфлиси менен жанындагы кара тору жигиттин тапичкеге илинген жайдак бутун "былч" эттире басып алды. Ал ооруганынан өз тилинде кудайга жалбарды окшойт, бирдеме деп чекесин тырыштырып жиберди.. Караса, бутунун бармагы канап жатат. Жолдоштору эки ийнинен жөлөп, аялдамадан түшкөндө, кыз да уятына чыдабай артынан кошо түштү. Эмне дээрин билбейт.

– Кыжаалат болбоңуз! Эч нерсе эмес!

– Менин атым Камран. Сиздикичи? — эки колун таяна олтурган жигит орус тилинде ушинтип айтканда, кыз араң гана эринин кыбыратып:

– Динара! – деп жооп берди.

Ошол окуядан туптуура бир жума өткөндө медакадемиянын аялдамасынан Камранды көрүп, бир эсе таң калды. Үстүнө баягы кызыл жолдуу чатыраш көйнөгүн, көк джинсасын кийип, бутуна жеңил тапичкесин илип, аялдамада олтуруптур. Жакын келгенде гана тапичкесинен сороюп чыгып турган бармагы бинт менен таңылуу экенин байкады. Кыздын эки бети кызарып чыкты.

– Бул сизби? – деди араң.

– Ооба, мен! ..Бир нерсе жоготкондой болуп, ушул жерге күндө келем! Сиз менин жүрөгүмө чок салып кеттиңиз...Чынын айтсам, сизди унута албай койдум...

– Жок! Жок! Мени кечириңиз!

Кыз-жигит бир топко тиктешип турду. Өздөрү эмес, көздөрү сүйлөшүп жатты... Ар башка улут болсо да, бешенелерине жазылган тагдыры бир экенин эки сүйүшкөн жүрөк айттырбай туюп турду...

Ушундан көп өтпөй үч досун алып Таласка колун сурап барды. Сүйүүгө айла жок экен, "Таластан алыс барбайсың" деп, борборго араң узаткан ата-энеси доктурлук окуусун аяктап, үйүнө кайтып жаткан чет элдик күйөө баласына кызын кошуп берип, кала берди...

Таранчы адатынча куйругун тынбай сербеңдетип, аптаптуу короодо ары-бери чуркап, бир маалда "Зарыл ишим бар дегенсип" "Чырт!" деген бойдон кайрылбай учуп кетти...

– Коё турчу! Коё турчу! – деди көздөрү жашка толгон мусапыр келин узап бараткан таранчыга карап. Ал болсо, ошол бойдон кайрылбады. Кийинки күнү да, андан кийинки күнү да көрүнбөдү..

Ошондон тарта туулган жерине куса болгон келин бар күчүн ыйдан чыгарат. Жаздыкка башы тийери менен ыйлайт. Чет жерге келин болуп келгенде да мынчалык болгон эмес. Тойдун эртесинен бир ай бою тууган уруктары келин көрдүгө келе беришти. Кайын сиңдилери бүгүн кийген көйнөгүн эртеси кийгизишкен жок. Утуру жаңысын кийгизип жатышты. Бир жагы жанында Камраны бар эле. Азыр ал Карачиде менчик бейтапкана ачып, ошону менен алек. Жолдошу эки жылдай доктурлукка уруксат кагаз алганы өлкөнүн борборуна тынымсыз каттады. Пакистанда окуп койсо эле бир жерди ээлеп иштеп калбасын келинчеги ошондо билди.

Ошентип, жылкычы чымчыкты көргөндөн бери кусалуу келинде тынчтык жок. Жанын коёрго жер таппайт. Басса-турса эле алыста калган мекени, ата-энеси, бирге өскөн курбу-курдаштары эсине түшөт. Айласыз үч жашар кызынын бөлмөсүнө баш бакты. Бала багуучу аял ага жомок айтып берип жатыптыр.

– Ананчы, анан эмне болуптур? - деп кызы сурап коёт. Бала багуучу аял эч эринбей, жооп берүүдө... Апасы каалганы акырын жаап койду.

Кечинде үй кызматчылары сунган ысык чай да муздак болуп, жакпады. Бир жагы эки-үч жумадан бери тамакка табити тартпайт. Мындайда бөлмөсүнө бекинип алып, бар күчүн көз жашынан чыгарат... "Таш түшкөн жеринде оор" деген элдин сөзүн ойлоп, өзү кырдуу чет жерде турмуш кечирген кыздардын тагдырына боору ачыйт. Кээде баарын төлгөчү цыган аялдан көрөт. Ошого жолукпай калсам болмок экен дейт. ..

Өзүн-өзү жемелеп жүргөн күндөрдүн биринде Каракорумдан эң жакшы көргөн Зубайда аттуу кайнежеси келип калды. Экөө башынан ынак. Аны да жашында өзүнүн эркине карабай ата-энеси алыс жерге турмушка берип салышкан экен, төркүнүнө келсе, бир жылда бир жолу келет.

– Каракорум абдан алыс. Жолу татаал. Кышы катаал, – деп айткан кайнежеси Динара ушул үйдүн астанасын аттаганда.

Бул жолку келишинде экөөсү тең ички бугун чыгарып ыйлап-ыйлап алышты. Зубайда кыргыз келинине алып келген белек-бечкегин берип, көңүлүн кыйла көтөрдү. Ал бир аз алаксыганы менен кайра эле ыйлаганын тыйбады.

– Мекениңди сагынган турбайсыңбы!

Анын бир гана айласы бар, – деди Зубайда сырдуу.

– Кандай айласы бар? Билсеңиз айтыңызчы?

– Аны өзүң деле билесиң. Үйүңө барып келишиң керек!

Муну укканда араң турган келиндин кусалуу көздөрү жадырай түштү. Зубайда сөзүн улады:

– Алдын тилек кыл! Кудайым эмне тилек кылсаң, ошону сөзсүз берет!

– Күн сайын намаз окуганда тилек кылып жатам! Андан мага жардам жок...

– Кой антпе! Үмүтүңдү үзбө! Эң күчтүү тилек — нөшөрлүү жамгырда айтылган тилек!

Ошол-ошол болду, жан сырдаш кайнежеси өз үйүнө кеткенден бери нөшөрлүү жамгырды күтөт. Алты ай бою жерге бир тамчы тамса кана! Асфальттын үстүндө бассаң, алоолоп күйгөн мештин табы бетиңе урат...

Ошондон туптуура алты айдан кийин августтун аягында нөшөрлөп жамгыр төктү. Төккөндө да тим эле асмандан чакалап куйду. Чашке маал болчу. Баары үйгө качты. Динара жүзүмдүү короонун так ортосуна туруп алып, жүрөгүнө эбак жат болуп калган тилектерин төгүп жатты... Ыйлап жатты... Океандын илеби урган жылуу жамгыр анын жоолугунан ылдый куюлууда. Жамгырдын сан миң тамчылары кундуздай кара чачына, бакырайган көздөрүнө тамып, апапак бетинен, узун мойнунан ылдый шырылдап агып жатканын сезбеди. Ушул нөшөрлүү жамгырды күткөн эле...

– Оо Жаратканым тилектеримди кабыл кыл!

Ата-энеме, туулган жериме барып келейин!

Алты жыл болду, мекенимди көрө элекмин...

Жаратканым жардам бер! – деп тилектерин көк асманга угуза айткандан тажабады.

Бул тушта ичкериден үй кызматчылары, кайын сиңдилери көздөрүн жайнатып, карап турушкан. "Тим койгула! Ыйласа, ыйлап алсын!" деген кексе кайненеси да бул окуядан четте калбады. Ал да ичкериден байкоо салып турду.

Кайнежесинин "Кудайым эмне сурасаң, баарын берет" дегени чын экен. Нөшөрлүү жаандан кийинки күнү Карачиден күйөөсү келди. Өзү айта электе эле "Даярдан. Үйүңө барып келесиң. Кызыма уруксат кагаз жазып берем. Эртең Карачиге виза алганы барабыз" деди. Тим эле жеңеси эгиз төрөгөндөй сүйүндү. Кайын синдилери да жеңесинин жакшылыгына кубанды. Бир гана кайненеси "Кош бойлуу болсоң, кантип бармак элең? Биротоло көз жарып, анан барасың" деп кыжаалат болду.

– Барамын! Жөө болсо да барамын! – деди өжөрлүгүн мурда байкатпаган келини.

Ооба бул сапар Динараны эч ким токтото албайт эле...

№07
(293)
28
07
2023
kyrgyztili@mail.ru

И.А.Бунин

# КАРЫШКЫРЛАР



Которгон
Таштанбек ЧАКИЕВ



Август айынын мемиреген жумшак түнү талааны бойлой жаткан чаңдуу жол менен кош ат чегилген араба келе жатты. Тиги, булуттуу асман бетинде жылдыздар адаттагыдай жамырап көк бетин талашпай, анда-мында гана бир жылт этет. Дал мына ушул коюу, буурул түндөгү кулак мурун кескен тынчтыкты бузуп келе жаткан арабада арабакечтен башка дагы эки адам бар эле. Анын бири – өзүнө тиешелүү кичи жер ээлиги бар жаш келин, экинчиси – гимназияда окуп билим алып жаткан жаш улан. Анда-санда булуттардын арасынан жылт этип көрүнө калып жаткан тээ көктөгү ай кечээ гана эч нерсе менен иши жок жаштык дооранын сүрүп жүрүп, бүгүн минтип башына сыйда жоолук салынып, ата-бабасы тааныбаган эле бир үйгө келин болуп келип калган уяң кыздай толукшуп, көз жоосун алат. Күмүш түстүү нурлары жер бетине тегиз чачырап, теребелди жарык кылат. Ошондон улам жал-куйругу байланып, араба сүйрөп бара жаткан аттар, башында картузу, үстүндө жупуну чыт көйнөгү бар арабакеч жана муңайым тарткан тиги муңдуу талаа алаканга салгандай көзгө даана көрүнөт. Шумдугуң кургур, кечээ элдин баары кечки тамакка кирген маалда, карышкырлар кайсы бир үйдүн короосуна кирип, бир койду жара тартып, сүйрөп бара жатканында, иттердин калаймакан түшкөн ызы-чуусуна чуркап чыккан жигиттер колдоруна бакан ала чуркап, капталы жарылып, небак ичегиси чубалып калган койду арачалап калышыптыр. Мына эми ошону уккан арабадагы бул жаш келин ширеңке чагып күйгүзүп, оңду-солду ыргытат. Анан калса, өз кылыгына өзү маашыр боло: "Энекебай, деги кашабалардан сактай көр!" - деп экилүү каткырат. Ширеңкенин учкуну анын жанында отурган жаш уландын албырып чыккан жүзүн улам кайра жарык кылат. Араба нары-бери чайпалат. Денеси-денесине кынала түшкөндөн пайдаланып, гимназист жигит келинди белинен имере тартып, бирде алкымынан, бирде бетинен сүйөт. Эриндерине жетүүгө ашыгат. Келин башын чулгуп, жигитти чыканагы менен капталдан нары укуй түрткөн болот. Сезими делөөрүп алган жигит өзүн араң токтотуп, арабакеч уксун дегенчелик кылып катуу кыйкырып мындай дейт:

- Жетишет эми, ширеңкемди кайтарып бериңиз. Антпесе, тамеки күйгүзө албай калып жүрбөйүн?

– Коркпоңуз, тамеки күйгүзгөнгө ширеңке калат! – дейт келин ага жооп кылып. Анан кайра ширеңке жанып, учкуну айлананы бир саамга жарык кылат. Ошол көз ирмемчелик жарыкта арабанын дөңгөлөктөрү алдыны карай эмес, артты көздөй айланып бара жаткандай элес калтырат.

Келин бир маалда жанатан берки аракетине жооп кылып, жигиттин кучагына боюн таштай бөрсөйгөн эриндерин тосуп, эзилише өбүшүп кирди. Дал ушул маалда арабакеч божуну күч менен тартып, текирең таскак менен бара жаткан аттарды капысынан тык токтотту да, аз жерден эт-бетинен кете жаздап барып оңолгон берки экөөнө бурулуп: Карышкырлар! - деп кыйкырды.

...Оң тарапта жанатан бери болуп жаткан өрт учкуну уюлгуган түтүн аралаш тээ асманга көтөрүлүп, теребелге жарык чачат. Токой эми жанагысындай болбой, көзгө комсоо көрүнөт. Караган-бута чатырап күйөт. Ал ансайын өрт долуланат. Аптабы улам жакындап, мына эми бети-башты чымыратат. Дал ошол өрт болуп жаткан тарапта чоңдугу торпоктой болгон үч карышкыр аларга тигилет. Кан толуп, чычаладай кызарып турганы аз келгенсип, көздөрүнөн от чагылат. Убакыт токтоп калгансып, бир саамга жымжырт боло калгандан кийин, капысынан аттар катуу кошкуруп атып, арабаны күү менен солду көздөй булкуп тартып, аң-дөңдү карабай айдоо үстү менен атырылтып сүйрөп жөнөйт. Муну күтпөгөн арабакеч чалкасынан түшөт. Колундагы божуну коё жибербей, өйдө турууга далалат кылат. Арабанын дөңгөлөктөрү катый түшкөн бир бороздодон экинчи бир бороздого согулуп, ал ансайын өйдө турууcуна жолтоо болот... Бир маалда өлөр-таларын билбей күү менен бара жаткан аттар алдыдагы аңга жетип-жете бербей арабаны дагы бир жолу булкуй тартып, башка нукка саларда келин ордунан атып туруп, арабакеч баланын колундагы божуну күч менен жулуп алар замат эт-бетинен барып арабакеч отурчу секичени сүзүп кулады. Ошентип, эрин туштагы ошондон калган тырык изи өмүр бою кеткен жок. Бул туурасында андан сурап калышса, ал буга жылмая күлүп, маашырлана:

– Э, кайсы бирин айтайын! - дей турган тээ алыста калган качанкы бир жай мезгилин, август айынын кургак күндөрүн, кызыл баскан кырман жана сары кыр тарткан үймөк самандагы сакалы кырылбаган гимназист бала менен коюн-колтукташа жатып эзилип, тиги көк бетин берген жымыңдаган түнкү жылдыздарга телмире тиктеп, кыялдана жатчу түндөрүн эстей берип. – Капысынан карышкырлар чыгып, аттар ала качып... – А мен болсо, эмне жаш элем, мас элем - дегендей, аттарды токтото калам деп...

Анын албуут сүйүүсүнө ким гана кабылбады дейсиң... Алардын баары бир ооздон анын ажарын ачып турган дал мына ошол эрининдеги узатасынан кеткен тырык экенин айтышчу.

**1940-жылдын
7-октябры**

---

# Сулуу



Аялынын каза болгонуна бир далай убакыт болгон арык, узун бойлуу жана да көзүнө такай йод түсүндөгү көз айнек салынган кары мамлекеттик кызматкер кайсы бир аскер зардалынын өзүнөн алда канча жаш, нары сулуу жана да анча-мынча сулууларды бучкагына теңей бербеген жапалдаш бойлуу, үй оокатына бүйрө кызына баш кошту. Ал өзү кишиге чечилип сүйлөй бербеген менен, кудайга кантет, аялы өз баасын жакшы билет. Көптөгөн губерниялык аткаминерлер сыяктуу эле ашыкча акылы, не кишиге жугуму жок көптүн бири экенине карабай мунун эки курдай үйлөнүүсү жана эки мертебе тең чырайлуу кыздарга туш болуп отурушу, коңшу-колоңду: "капырай шумдук!"- дедиртет; ичин туз куйгандай ачыштырат.

Экинчи алганы, биринчи никеден калган тигинин жети жашар баласын кайрып-куйруп, ачык эле жек көрүүгө өттү. Атасы буга не демек? Өзүн анткор тутат, субай-салтаң келген неменин көзүнүн агы менен тең айланып, бул кылыгына көз жумат; баласын барсыңбы? - дебейт. Буга баланын ындыны өчөт. Кандай күнгө туш болуп калганына акылы жете бербей элендейт, тымызын көз жашын кылгыртып, энемээримин күсөйт. Баштагы оюнкарак мүнөзү түнт тартып, сөз сүйлөөдөн айбыгат.

Үйлөнүү тоюнан кийин дароо эле аны атасынан бөлүп, ашкананын жанындагы көгүш баркыт менен тышталган эмеректери бар анча чоң эмес бөлмөдөгү диванга жаткырышкан. Бирок, баштагысындай эле ал тынч жата албай, нары-бери оодарыла берип, адатынча үстүндөгү жуурканы менен кошуп алдына салынган шейшепти жерге тээп салып жүрдү. Баланын бул адаты сулуунун кыжырына чындап тийген белем, бир күнү ал үй кызматчысын чакырып алып мындай деди: - Кудая тобо, мындай шумдукту ким көргөн, минтип отурса, жакында бул дивандын баркытынын ышпалдасын чыгарат. - Настя, тиги ыраматылык айымдын коридордогу сандыгына баякүнү мен каттырып салган жер төшөктү алып чык да, мындан кийин буга жерге эле салып бер!

Мына ушундан кийин бала тагдырына моюн сунгандай болду; үй ичиндеги турмуш менен дагы эч кандай иши болбой бири-бирине коёндой окшош күндөрдү башынан кечирип жатты: күнү кечке конок бөлмөсүнүн бурчуна отуруп алып, грифель тактага үйдүн сүрөтүн тартат же ыраматылык апасы сатып берген сүрөттүү китепке үңүлүп, шыбырап окумуш болот, көздөрүн божурайтып терезеге тигилет... Кечкисин диван менен жыгач челектин ортосуна жерге жатып уктайт; төшөнчүсүн өзү салып, азанда өзү жыйнап, дыкат бүктөйт да, апасынан калган эски сандыкка алып барып салат. Сандыкта анын мындан башка дагы көптөгөн майда-чүйдө оокаттары катылган.

**1940-жылдын
28-сентябры**

№07
(293)
28
07
2023
kyrgyztili@mail.ru



# Гүлзада СТАНАЛИЕВА

## Жакшы сап

*Түн уйкум качат, ойлордун чубап түрмөгүн,
Жакшы сап, сенин илебиң күтүп таң атат.
Бир өмүр өттү… өзүңдү издеп табалбай,
Жамалым азып, ажарым өчүп баратат.*

*Берметтей таза, кылычтай өткүр сөздөрдөн
Таап алсам… анан түбөлүк сага байлансам.
Көңүлдө турган ойлорго берип өзүмдү,
Көгүчкөн болуп, жакшы сап, сага айлансам…*

*Арманым болбос… анда өмүр текке коробос,
Анда мен өлбөй, түбөлүк отко айланам.
Жакшы сап мага: «келишим үчүн бир күнү,
Өзүңдү жак дейт, өмүрдү чап дейт садага».*

***

*Эсиңдеби биз баш кошкон ошол жыл…
Экөөбүз тең тал чыбыктай жаш элек.
Сен жалынып, мээримиңе мен толкуп,
Биз сүйүүгө ушунчалык мас элек.*

*Өзгөлөрдөн сен өрттөнүп кызганып,
Ыйлап алчум мен буркурап ызадан,
Сени арбаган ажарымдан ажырап,
Жаш өйдөлөп басмырт тартып баратам.*

*Эми ал кездей кызганыч жок, ыза жок!..
Анткен менен, бизден башка сезбеген
Бир сезим бар… өтө терең, өтө аруу
Жаш кезекте түшкө дагы кирбеген.*

*Сүйүүбү ал? Сүйүү десем андан зор,
Андан терең, сезилгенсийт андан кең.
Билем анын затын гана, аты жок,
Бул дүйнөдөн өчсө өчөт биз менен.*

***

*Бул дүйнө абалтадан турган дүйнө,
Жаралган келип-кетер өмүр үчүн.
Ал өзү кайдыгер да, дүлөй, мерез
Тоготпойт кубанычты, кайгы күчүн.*

*А бирок кээде кызык жолго салат,
Сүйүүсү акылыңдан адаштырат.
Бакытын күтүлбөгөн жерден берип,
А кээде тартып алып алдастатат.*

*Бул дүйнө жандай көрбөйт ушу бизди,
Жагылган оттой көрөт өмүр үчүн.
Билгенге табы таптуу ошол отту
Өчүрбөй кармап турар сүйүү күчү.*

*Бул дүйнө ооба, дүлөй, ооба, мерез.
Көрсөтөт алсыз жанга азуу-күчүн.
Баш бербей жалгыз гана сүйүү ага
Акырын чертип турат көңүл күүсүн.*

***

*Жумушума барам күндө эртелеп,
Кагаз тиктеп, ката оңдоп күн өтөт.
Чарчап кечте жалгыз аяк жол менен
Үйгө кайтам. Кыйырсыз ой жүдөтөт.*

*Кагаздарым калбай ээрчип келишкен
"Тиргилигиң токтот, мени кара", - дейт.
Кызым менен тогуз айлык неберем
Конок болуп кечте кирип келишет.*

*Эрмек кылып, күлкүсүнө элжирейм
Неберемдин. Кызым шашат үйүнө.
Өмүр деген турат тура ушундай
Билинбеген, кармалбаган күндөрдөн.*

*Казан кайнап от үстүндө бактайт.
Шамал ойнон бийлеп жатат короомду.
Мен сураньп, күйөөм тиккен алмалар
Гүлдөп алган. Тийгизбеген чолоомду*

*Иштерим көп, өзүмө ээ кылбаган.
Жакындарым жай турмушун улантат.
Мени болсо кагаз-китеп, ноутбугум
Үйдүн жылуу илебинен азгырат.*

*Өмүрүмдү уурдайт бөлөк-бөтөндөр
Ар иш менен ар кай жерде жолуккан.
Не баалуу бул өмүрүмдө, не кымбат? -
деп ойлоого чама-чарк жок торулам.*

*Билем өмүр колдон кумдай агылып,
Көз ирмемде зуулдап бачым өтөрүн.
Кагаз-китеп арбап алган жашоомдон
Билбей турам кантип кечип кетерим…*

**08.05.2023**

***

*Телефон чалам күн алыс
Апама. Узак баарлашам.
Жеталбайм күндө жанына,
Баралбайм канча самасам.*

*Кабарын айыл-апанын
Божурап энем жатканда,
Тыңшаган менен эс-дартым
Айылда эмес, калаада.*

*Кишилер апам кеп салган
Кечээ эле жакын сезилчү.
Негедир азыр кызыксыз,
Кеткенсийм болуп өзүмчүл.*

*"Көзүңдөн алыс болсо эгер,
Көңүлдөн узак калганы"
Деген сөз туура экен го,
Көңүлдү кимдер арбады?*

*Шаардагы кийин жолуккан
Арбады досум-таанышым.
Жашоомду ээлеп алышкан
Аларсыз бүтпөйт ар ишим.*

*Канча адам өмүр жолумда
Кезигип жакын болушту.
Канчасы калып артымда,
Канчасы менден озушту.*

*Куу турмуш деген жарышта
Сыйладым кимди төрүмдө.
Жүрөккө кимди киргиздим,
Кимдердин калдым көөнүндө.*

*Өткөндөр болот дүйнөдөн
Туугандан, коңшу-колоңдон.
"Кабыры нурлуу болсун", - деп
Дуба айтып, тартам алакан.*

*Ким болсо болсун турмушта
Жолумдан бир кез кезиккен.
Маанайы ачык, дени сак,
Жарыкта аман болсо экен!*

***

*Күндөрүң болот ар түркүн
Сур булут каптайт, күн чыгат.
Чыдасаң гана уусуна,
Балынан турмуш таттырат.*

*Сабырдын түбү сары алтын
Дегендин жөнү бар тура.
Түйшүктү чыдап көтөргөн
Билгенге асыл баш тура.*

*Сүйүнгөн кезде жүрөктү
Эркин кой, эргип жыргасын!
Бошоco көөнүң, ыйлап ал,
А бирок көңүл сынбасын!*

*Сынбасын көңүл, калбасын
Жашоодон күдөр үзүлүп.
Калганы болор, алтын баш
болсо аман. Өлбө, сен, үмүт!*

**09.05.2023**



**Кыргыз тили**

*Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын газетасы*

**Башкы редактор:**
Дүйшөн КЕРИМОВ
0(700) 88 81 41
**Жооптуу катчы:**
Бактыгүл ӨМҮРАЛИЕВА
0(702) 525942

КР Юстиция министрлигинде катоодон өткөн. №1381
Жарыяланган автордук материалдар редакциянын көз карашын билдирбейт

**ДАРЕГИБИЗ:**
720040, Бишкек шаары, Бөкөнбаев көчөсү, 182
**Гезиттин эсеп-кысабы:** ОАО Дос-Кредобанк фил."Берекет"
БИК 121008 р/с 1212000300007078
ОК ПО 24637707
ИНН 00104200810048

"Учкун" ААКнын басмаканасында басылды. Бишкек шаары, Ибраимов көчөсү, 24

**Буюртма:**659
**Нускасы:**3 555